## Төраганын кайрылуусу



**Урматтуу окурмандар!**

Отчётто көрсөтүлгөн маалыматтар негизинен, 2016-жылы республиканын жогорку органы тарабынан жүргүзүлгөн аудиттер жана алардын жыйынтыктары жөнүндө билдирет.

2016-жылдын мартында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин жаңы курамы шайланган. Ошону менен бирге, отчёттук жылы иш, аудитордук иш чараларды жакшыртуу боюнча мурда башталган процесстердин үзгүлтүксүздүгүн камсыздоо менен белгиленген.

2016-жылы Эсептөө палатасынын Кеңешинин жаңы курамы тарабынан 2016-2020-жылдарга Эсептөө палатасынын стратегиялык планы бекитилип, анда Эсептөө палатасынын ишинин артыкчылыктуу, келечектүү багыттары аныкталган.

Аудитордук иш-аракетти жүзөгө ашыруунун тармактык принцибине өтүүнү караган, Эсептөө палатасынын түзүмүн оптималдоо жүргүзүлгөн. Тобокелдиктерди баалоого негизделген, аудитордук иш чараларды пландоо боюнча методикалык документтер иштелип чыккан, аудит процесстерин автоматташтырууну (1С программасы) жайылтуу боюнча иштер башталган.

Жогоркуда көрсөтүлгөн пландын максаттарына жетүү жана аны ийгиликтүү ишке ашыруу, бир кыйла деңгээлде адам ресурстарынын мүмкүнчүлүгүнө жараша болот. Бул багытта ишти жакшыртуу максатында, Адам ресурстарын өнүктүрүүнүн стратегиясы иштелип чыккан жана бекитилген, ал адам ресурстарын башкаруу тутумун жакшыртуу боюнча иш чараларды карайт.

Эл аралык профилдик уюмдардын (INTOSAI, EUROSAI, ASOSAI, ECOSAI) мүчөсү катары, Эсептөө палатасы ар кандай жумушчу кеңешмелерине жана эл аралык конференцияларга катышып турат.

Эсептөө палатасы жарандардын атынан жана жарандардын кызыкчылыгында өз ишин жүзөгө ашыра турган, мамлекеттик аудиттин жогорку органы болуп эсептелет. Анын ишинин жыйынтыктары дайыма элге жарыяланып турат жана бардык кызыкдар тарапка – Президентке, Парламентке, Өкмөткө, жарандык коомго, жалпыга маалымдоо каражаттарына, зарыл болгон учурда укук коргоо органдарына маалымат катары жеткирилет.

Эсептөө палатасынын иши мамлекеттик бюджеттин аткарылышын баалоого гана багытталбастан, ошону менен бирге, жарандардын бакубат жашоосун камсыздоодо маанилүү ролду аткаруу менен, анын натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган.

Ошондуктан, Эсептөө палатасынын мүмкүнчүлүгү алдыга коюлган максаттарга жетүүгө жана аны ийгиликтүү, натыйжалуу жүзөгө ашырууга мүмкүндүк берет деп ишенем.

*Урматтоо менен,*
*Эсептөө палатасынын төрагасы*
*Улукбек Марипов*

## Мазмуну


**Киришүү** ... 3

**1. 2016-жылы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ишинин негизги багыттары** ... 4

**2. 2016-жылы Эсептөө палатасынын ишинин жыйынтыктары** ... 8

2.1. Аудитордук иштин жыйынтыктары ... 8

2.2. Мүнөздүү бузууларды талдоо ... 12

2.3. Эксперттик-аналитикалык иш чаралардын жыйынтыктары ... 14

2.4. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин кыскача жыйынтыктары ... 18

2.5 Жазма буйруктардын аткарылышынын толуктугун талдоо ... 25

**3. Эсептөө палатасынын бийлик органдары, мамлекеттик органдар, уюмдар жана коомчулук менен өз ара аракеттенишүүсү, эл аралык кызматташуусу** ... 28

3.1. Эсептөө палатасынын бийлик органдары жана башка мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенишүүсү ... 28

3.2 Укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүү ... 29

3.3. Коомчулук менен байланышуу иштери ... 31

3.4. Эл аралык кызматташуу ... 33

**4. Эсептөө палатасынын ишин камсыз кылуу** ... 36

4.1. Финансылык камсыздоо ... 36

4.3. Укуктук камсыздоо ... 39

4.4. Методологиялык камсыздоо ... 40

4.5. Маалыматтык-технологиялык камсыздоо ... 41

**5. 2017-жылы Эсептөө палатасын өнүктүрүү келечеги** ... 42

## Киришүү

Бул отчёт Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 74-беренесинин 6-пунктуна, “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына[1], “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын[2] 61-беренесине ылайык берилет жана 2016-жылдагы Эсептөө палатасынын ишин чагылдырат.

2016-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын иши жөнүндө отчёт, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин токтому[3] менен бекитилген Отчётторду түзүү боюнча колдонмонун жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын буйругу[4] менен бекитилген Эсептөө палатасынын аудитордук иши жөнүндө отчётту түзүү тартиби жөнүндө нускаманын талаптарына ылайык даярдалды.

Бул отчётко 2016-жыл ичинде жүргүзүлгөн жана 2016-жылы жана 2017-жылдын январында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинде жана Эсептөө палатасынын аймактык бөлүнүштөрүнүн коллегияларында каралган аудиттердин жыйынтыктары киргизилген.

Отчёт ошондой эле, ушул мезгил аралыгында жүргүзүлгөн аудитордук иш-чарлардын сапатын андан ары жакшыртууга багытталып жүзөгө ашырылган уюштуруу иш-чаралары, жеке ишмердиктин максималдуу ачыктыгын камсыз кылуу, жүргүзүлгөн аналитикалык изилдөөлөр, жаңы методологиялык иштеп чыгуулар, аудиттин эл аралык стандарттарына өтүү бөлүгүндө жүргүзүлгөн реформаларды улантуу, укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүү, кадр мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу иши, эл аралык иш-аракеттерди уюштуруу жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын иштешинин бир катар жана башка аспекттери жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

Ушул отчётту колдонуучу, кандайдыр бир маселелер, же кошумча маалымат алуу зарылчылыгы пайда болгон учурда, белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасына кайрыла алат.

---

[1] 2011-жылдын 25-ноябрындагы №223

[2] 2004-жылдын 13-августундагы №117

[3] 2010-жылдын 6-сентябрындагы №01-3/32

[4] 2008-жылдын 21-майындагы №1-12/95

## 1. 2016-жылы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын ишинин негизги багыттары

2016-жылы Эсептөө палатасынын ишинин негизги багыттары Кыргыз Республикасынын Конституциясы, “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, жана башка ченемдик-укуктук актылар жана мамлекеттик аудиттин эл аралык стандарттары менен Эсептөө палатасына жүктөлгөн милдеттерге жана функцияларга ылайык белгиленген.

Эсептөө палатасынын ишинин натыйжалуулугу, улуттук ресурстарды пайдалануу боюнча ачыктык жана отчёт берүү деңгээлин жогорулатууга, мамлекеттик каражаттарды мүлктү сапаттуу жана натыйжалуу башкарууга, коррупциялык тобокелдиктерди аныктоого жана алдын алууга, бүтүндөй бюджеттик тутумду өнүктүрүүгө жардам берет.

Буга байланыштуу, Эсептөө палатасы ага жүктөлгөн милдеттерди ишке ашыруу процессинде, методологиялык базаны жакшыртуу, өз ишин пландоо процессин оптималдоо, аудиттин эл аралык стандарттарына өтүү бөлүгүндө жүргүзүлгөн реформаларды тездетүү, жеке ишинин ачыктыгын камсыздоо, өз кызматкерлеринин мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү аркылуу, жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын сапатын андан ары жогорулатууга өзүнүн күч-аракетин топтогон.

Жогоруда көрсөтүлгөн максаттарга жетүүдө, 2016-жылы мамлекеттик стратегиялык документтер менен белгиленген, өлкөнү өнүктүрүүнүн негизги багыттарына ылайык, 2016-2020-жылдары Эсептөө палатасын өнүктүрүүнүн стратегиялык планы иштелип чыккан жана бекитилген. Жакынкы 5 жылдыкка Эсептөө палатасынын стратегиялык планынын негизги максаттары болуп, мамлекеттик аудит тутумун жакшыртуу, анын ичинен, аудиттин эл аралык стандарттарын (ISSAI — International Standards of Supreme Audit Institutions) жайылтуу, адам ресурстарын башкаруунун натыйжалуу тутумун белгилөө жана өнүктүрүү, тышкы коммуникацияларды чыңдоо эсептелет.

Өнүгүүнүн бул планында көрсөтүлгөн иш-чаралар, финансылык аудитти, шайкештик аудитин, натыйжалуулук аудитин жана аудиттин эл аралык стандарттарынын негизинде өзүнчө тематикалык аудиттерди жүргүзүү методологиясын иштеп чыгуудан практикалык колдонууга, контролдук-текшерүү ишинен аудитке өтүүнү болжолдойт.

Бүгүнкү күнү өнүккөн өлкөлөрдүн финансылык контролдоонун жана мамлекеттик аудиттин жогорку органдарынын ишинин маанилүү багыттарынын бири болуп, натыйжалуулук аудити эсептелет, анын негизги максаты, мамлекеттик каражаттардын пайдаланылышынын социалдык-экономикалык натыйжалуулугун аныктоо, ошондой эле бюджеттик каражаттардын пайдаланылышынын үнөмдүүлүгүн жана өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу жана бүтүндөй мамлекеттик финансылык ресурстарды тескөө болуп эсептелет.

Буга байланыштуу, 2016-жылы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан өз ишинде натыйжалуулук аудитинин стандарттарын жайылтуу боюнча белгилүү бир иштер аткарылган. Алсак, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине, “Түндүк электр” ААКсына, “Ысык-Көлдү туруктуу өнүктүрүү” долбооруна пилоттук натыйжалуулук аудиттери жүргүзүлгөн. Мамлекеттик салык кызматында «ИСНАК» маалыматтык тутумуна, транспорт, билим берүү айыл жана суу чарбасы чөйрөсүндө МИП долбоорлоруна пилоттук натыйжалуулук аудиттери жүргүзүлгөн. Ушундай эле пилоттук режимде, Юстиция министрлигинде жана Экономика министрлигинде, Мамлекеттик кадр кызматында финансылык аудит жана шайкештик аудити, ал эми Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигинде шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктарынын негизинде, мурда иштелип чыккан Натыйжалуулук аудити боюнча колдонмого, Мамлекеттик инвестициялар программасынын долбоорлоруна натыйжалуулук аудитин жүргүзүүдө баалоо методикасына жана Финансылык аудити жана шайкештик аудити боюнча методологияга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

Ошондой эле, мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө мамлекеттик аудитти жүргүзүүнүн жалпы эрежелерин жана жол-жоболорун аныктоо максатында, Мамлекеттик сатып алууларга аудит жүргүзүү боюнча колдонмо иштелип чыккан жана бекитилген. Бул Колдонмого ылайык жүргүзүлгөн аудит, текшерилип жаткан мекеменин мамлекеттик сатып алуулар тутумунун ишинин жалпы натыйжалуулугу, жүргүзүлгөн мамлекеттик сатып алуулардын зарылдыгын жана ылайыктуулугун талдоо, мамлекеттик сатып алуулар жаатында укуктук ченемдердин сакталышы сыяктуу маселелерди камтыйт.

Аудитордук ишти пландоо процессин жакшыртуу жана оптималдоо бөлүгүндө көп иштер жасалды. Аудит объектилери боюнча маалыматтар базасы түзүлдү жана тестирлөөдөн өткөрүлдү. 3 жылдык мөөнөткө аудитордук иштин жылдык жана узак мөөнөттүү планын иштеп чыгуу тартибин караган, Аудитордук ишти пландоо боюнча колдонмонун негизинде иштелип чыккан жана кабыл алынган. Бул Колдонмону колдонуу Эсептөө палатасына адам ресурстарын абдан натыйжалуу жана рационалдуу бөлүштүрүүгө мүмкүндүк берет, бул болсо, жүргүзүлгөн аудиттердин сапатын жогорулатууга алып келет.

Эсептөө палатасынын ишин автоматташтыруу боюнча иштер улантылууда. Алсак, 1С программасынын базасында түзүлгөн, аудиттерди башкаруу тутуму тестирлөө баскычында турат. Ал, финансылык аудитти жүргүзүүдө отчёттун электрондук формасын өзүнө камтыйт. Мындан сырткары, аудит объектилерин автоматтык түрдө тандоону жана колдогу ресурстарды (убактылуу жана адам) бөлүштүрүүнү жүргүзүүчү белгиленген критерийлерди эске алуу менен мүмкүндүк берүүчү, аудиттерди пландоо процесси автоматташтырылган.

Отчёттук жылы адам ресурстарын башкаруунун заманбап тутумун орнотууга көп көңүл бурулду. Эсептөө палатасынын Кеңеши тарабынан 2016-2020-жылдарга адам ресурстарын өнүктүрүү стратегиясы иштелип чыкты жана бекитилди. Бул стратегия персоналды баалоо, кызматы боюнча жылдыруу, персоналды профессионалдуу өнүктүрүү жана башка маселелерди чагылдырат. Стратегияны ишке ашыруу алкагында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын ишин баалоону жүргүзүү тартиби жана Жобо кабыл алынды. Мамлекеттик жарандык кызматчылардын ишин баалоо, кызматкерлердин кызматтык милдеттерин аткаруунун толукту, аныктыгы жана натыйжалуулугу деңгээлин аныктоону жана карьералык өсүштүн келечегин көрсөтөт.

Кызматкерлердин кесиптик деңгээлин жогорулатуу жана жүргүзүлгөн реформаларды ийгиликтүү жайылтуу максатында, жыл ичинде автоматташтырылган тутум менен иштөө, иштелип чыккан методологияны колдонуу боюнча бир катар окутуу семинарлары жана тренингдер өткөрүлгөн.

Эсептөө палатасы тарабынан коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча белгилүү бир иштер жүргүзүлдү. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 2-февралындагы ПЖ №26 Жарлыгы жана 2013-жылдын 12-ноябрындагы ПЖ №215 "Бийлик органдарындагы саясий жана системалуу коррупциянын себептерин жоюу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгы менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы саясатынын мамлекеттик стратегиясы тарабынан коюлган милдеттердин алкагында, 2016-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын коррупцияга каршы иш-аракеттер планы иштелип чыккан жана бекитилген. Коррупцияга каршы иш-

чараларды координациялоо максатында, Эсептөө палатасынын коррупцияны алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызматы киргизилген жана тиешелүү Жобо бекитилген. Бул Жобо ушул кызмат адамынын укуктук статусун, негизги милдеттерин жана функцияларын аныктайт.

Жогоруда аталган пландын алкагында мамлекеттик каражаттарды жана ресурстарды пайдалануунун мыйзамдуулугун жана натыйжалуулугун контролдоо тутумун жакшыртуу, каржы бузууларын аныктоо жана аларды профилактикалоо боюнча иштер жүргүзүлгөн. Кызматкерлердин жоопкерчилигин күчөтүү жана аудиттердин сапатын жогорулатуу үчүн, отчёттук жылы Эсептөө палатасынын жаңы түзүмү ишке киргизилди, ага ылайык, экономика тармактары боюнча аудиттерди жүргүзүү бөлүмдөрү каралган. Инспектордук курам алардын квалификациясына жана кесиптик көндүмдөрүнө карап, тармактык бөлүмдөр ортосунда бөлүштүрүлгөн. “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө”, “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” жана “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарын ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкерлери үчүн тыюу салуулардын, чектөөлөрдүн жана милдеттемелердин бирдиктүү тутуму бекитилген.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын инспектордук курамындагы мамлекеттик административдик бош кызмат ордуна иштөө боюнча конкурс өткөрүлүп жатканда, талапкерлер Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматындагы полиграфтан милдеттүү түрдө тестирлөөдөн өтүшөт.

“Кайрадан байланышты” уюштуруу жана иштин ачыктыгын камсыздоо максатында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасында “ишеним телефону” иштейт, анын номери Эсептөө палатасынын расмий сайтында жайгаштырылган жана аудитордук иш-чараларды жүргүзүү алдында инспекторлор тарабынан аудит объектисине көрсөтүлө турган командировкалык күбөлүктөрдө да көрсөтүлгөн. Мындан сырткары, жарандардан келип түшкөн кайрылуулар талданат жана “Жарандардын кайрылууларын кароо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык каралат. Кароонун жыйынтыгы боюнча, жарандардын кайрылуусуна өбөлгө болгон себептерди четтетүү жана көрсөтүлгөн фактылар боюнча чаралар көрүлөт.

Мамлекеттик аудитке тиешелүү бөлүгүндөгү, коррупцияга каршы иш-аракеттердин Стамбулдук планынын сунуштарын ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин ортосунда Кызматташуу жөнүндө макулдашууга кол коюлган жана иштеп жатат. Бул Макулдашуунун шарттарынын бири болуп, мамлекеттик жана ички аудит ортосунда өз ара аракеттенишүүнү жакшыртуу эсептелет. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын өкүлү мамлекеттик органдар тарабынан коррупцияга каршы иш-аракеттердин Стамбулдук планынын сунуштарын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын алдындагы жумушчу тобунун курамына кирет. 2016-жылдын декабрында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын өкүлдөрү, коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын укук коргоо, фискалдык жана башка мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Координациялык кеңешине катышышкан.

Ошондой эле, жарандарды коррупциялык көрүнүштөргө каршы турууга чакырган социалдык видео роликтерди жасоо боюнча иштер башталды. Бүгүнкү күнү роликтер мамлекеттик теле каналдарда көрсөтүлүп жатат, Интернет, социалдык тармактарда да жеткиликтүү.

Отчёттук жылы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 5 кызматкери, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу

академиясында уюштурулган “Коррупцияга каршы саясат” темасында кайрадан даярдоо программасы боюнча курстан окушкан.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынан 2016-жылдын 21-июлундагы №04-4/126 “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасында мамлекеттик тилди андан ары жайылтуу жана өнүктүрүү чаралары жөнүндө” буйругуна ылайык, Эсептөө палатасында иш кагаздары мамлекеттик тилде жүргүзүлүп жатат. Мындан сырткары, аудитордук терминдердин сөздүгү иштелип чыкты. Сөздүк Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясында макулдашуу процессинен өткөн. Бул сөздүктү колдонуу, жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө отчётторду мамлекеттик тилде даярдоо процессин бир кыйла жеңилдетет.

Ошентип, негизги бизнес-процесстерди оптималдоо жолу менен ишти жакшыртуу жана мамлекеттик аудиттин эл аралык стандарттарын жайылтуу боюнча, акыркы жылдары Эсептөө палатасы тарабынан жүргүзүлгөн реформалар, “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жаңы редакциясын иштеп чыгуу зарылдыгына алып келди. 2016-жылдын аягында Мыйзамдын жаңы редакциясы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин (Мыйзам долбоорунун демилгечиси) мүчөлөрүнө жана мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнө берилген. Учурда Мыйзам долбоору жеткире иштеп чыгуу баскычында турат.

## 2. 2016-жылы Эсептөө палатасынын ишинин жыйынтыктары

### 2.1. Аудитордук иштин жыйынтыктары

**Жалпы жыйынтыктар**


2016-жылы Эсептөө палатасы тарабынан **3 051 аудит объектисине** аудит жүргүзүлгөн, анын ичинен: бюджеттик мекемелерде - 2 263, чарба жүргүзүүчү объекттерде – 399, жана башка уюмдарда – 34, жергиликтүү бюджеттен каржыланган мекемелер жана уюмдарда – 355.

Аудиттин жыйынтыктары боюнча Эсептөө палатасынын Кеңешинин 22 отуруму жана Эсептөө палатасынын аймактык бөлүнүштөрүнүн 41 коллоегиясы өткөрүлгөн. Аудиттердин материалдарын карооо жыйынтыктары боюнча аудит объектилерине жалпы 2,5 млрд. сом суммасындагы **1 386 жазма буйрук жана 57 сунуштар** жөнөтүлгөн.

Аныкталган каржы бузууларынын, анын ичинен коомдук жана башка уюмдардагы жалпы сумма **2 638,1 млн. сомду** түзгөн, резервдер жана бюджеттин жоготуусу – **13 239,3 млн. сом,** рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – **868,3 млн. сом**.


Аныкталган каржы бузууларынын резервдер жана бюджеттин жоготуусунун, рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын жалпы суммасынан, бардыгы болуп **4 112,4 млн. сом** калыбына келтирилүүгө тийиш.

*1-диаграмма.* ***2016-жылдагы аудитордук иштин жалпы жыйынтыгы, млн. сомдо***




Отчёттук мезгилдин аягында коомдук жана башка уюмдардагы - 1 114,2 млн. сом бузууларды, резервдер жана бюджеттин жоготуусу – 1 926,9 млн. сом, рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар – 151,5 млн. сомду эсепке алуу менен, каржы бузууларынын ичинен **3 192,6 млн. сом же 78%** ордуна коюлган.

*2-диаграмма.* ***2016-жылы аныкталган жана ордуна коюлган каржы бузууларынын суммасы, млн. сомдо***





Эсептөө палатасы тарабынан резервдер жана бюджеттин жоготуулары боюнча көрсөткүчтөр, натыйжалуулук аудитинин жыйынтыктарынын элементи катары, бузуулардын классификаторуна киргизилгендигин белгилей кетүү керек. Мында, бул түрдөгү бузуулардын аныкталган суммалары, анын өзгөчөлүктөрүнөн улам, негизинен, калыбына келтирилүүгө жатпайт.

## Каржы бузуулары

2016-жылы жүргүзүлгөн аудиттердин жүрүшүндө аныкталган каржы бузууларынын жалпы суммасы, коомдук жана башка уюмдарда аныкталган каржы бузууларын камтуу менен **2 638,1 млн. сомду** түзгөн. Салыштырмалуу талдоо, аныкталган каржы бузууларынын жалпы суммасы өткөн жылдагы көрсөткүчтөргө караганда 361,8 млн. сомго, же 16 пайызга көбөйгөндүгүн көрсөткөн.

*3-диаграмма.* ***2015-2016-жылдардагы каржы бузууларынын динамикасы, млн. сомдо***




Аныкталган каржы бузууларынын жалпы суммасынан **1 438,4 млн. сом** калыбына келтирилүүгө тийиш болсо, анын ичинен отчёттук мезгилдин аягында **1 114,2 млн. сом** калыбына келтирилген, же калыбына келтирилүүгө тийиш суммадан 77,5 пайыз. Калыбына келтирилген каржы бузууларынын жалпы суммасы өткөн жылдагы көрсөткүчтөргө караганда 63,0 млн. сомго, же 6 пайызга көбөйгөн.

### *Каржы бузууларынын түзүмү*

Отчёттук жылы мамлекеттик органдарда жана уюмдарда аныкталган каржы бузуулары - **2 143,7 млн. сомду,** коомдук жана башка уюмдарда - **494,4 млн. сомду** түзгөн. Мамлекеттик сектордогу бузуулардын түзүмдүк бөлүгү төмөндөгүдөй:

*1-таблица.* ***2016-жылдагы каржы бузууларынын түзүмү (млн. сомдо)***

| Көрсөткүч | 2016-ж. |
|---|---|
| Дебитордук жана ашырылган насыялык карыздарды эсептөө боюнча жашыруулар | 480,6 |
| Курулуш-куроо иштеринин көлөмдөрүн ашыруу | 357,5 |
| Казыналыктын тутумунан кыйгап өтүү менен пайдаланылган каражаттар | 336,4 |
| Мамлекеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу | 323,9 |
| Эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр | 276,1 |
| Бюджеттин башка деңгээлинде турган уюмдарга республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден бөлүнгөн каражаттар | 158,9 |
| Материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарын негизсиз эсептен чыгаруу | 86,8 |
| Салык жана бажы мыйзамдарын бузуу | 38,5 |
| Бюджетке чегерилүүгө тийиш болгон ижара төлөмү | 32,9 |
| Соцфондго кошумча кошуп эсептелген кирешелер | 26,0 |
| Материалдык баалуулуктардын жана акча каражаттардын кем чыгуулары жана уурдоолор | 23,9 |
| Мамлекеттик насыяларды жана бюджеттик суммаларды максатсыз пайдалануу | 1,6 |
| Акциялардын мамлекеттик пакетине дивиденддер | 0,6 |
| **Бардыгы:** | **2 143,7** |


Аныкталган бузуулардын түзүмүнө жүргүзүлгөн талдоо, жылдан жылга каржы бузууларынын жалпы суммасында бир кыйла үлүшкө ээ болгон абдан жайылтылган каржы бузуулары болуп, казыналыктын тутумунан кыйгап өтүү менен пайдаланылган каражаттар, курулуш-куроо иштеринин көлөмүн ашыруу, дебитордук жана ашырылган насыялык карызды жашыруу, мамлекеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу, эмгек акыларды негизсиз төлөөлөр эсептелерин көрсөттү. Мындай түрдөгү бузуулардын болушу, каражаттарды натыйжасыз пайдалануу, көпчүлүк убакта коррупциялык көрүнүштөрдүн болушу, насыяларды тескөөчүлөр тарабынан бюджеттик каражаттардын пайдаланылышына начар контролдоо жөнүндө күбөлөндүрөт.

### Резервдер жана мамлекеттик бюджеттин жоготуулары

*Эсептөө палатасы тарабынан резервдер жана бюджеттин жоготуулары боюнча көрсөткүчтөр, натыйжалуулук аудитинин жыйынтыктарынын элементи катары, бузуулардын классификаторуна киргизилген. Мындай түрдөгү бузуулардын аныкталган суммалары, анын өзгөчөлүктөрүнөн улам, негизинен, калыбына келтирилүүгө жатпайт*.

Отчеттук жылы Эсептөө палатасы тарабынан аныкталган резервдер жана мамлекеттик бюджеттин жоготуулары **13 239,3** млн. сомду түзгөн. 2015-жылга салыштырмалуу, бул көрсөткүч **2 763,2** млн. сомго, же 26,4 пайызга көбөйгөн.

*4-диаграмма.* ***2015-2016-жылдардагы резервдер жана бюджеттин жоготууларынын динамикасы, млн. сомдо***




Резервдер жана бюджеттин жоготууларынын аныкталган жалпы суммасынан **2508,9 млн. сом** калыбына келтирилүүгө тийиш. Эсептөө палатасынын максаттуу багытталган ишинин натыйжасында, отчёттук жылдын аягында республикалык бюджеттин кирешесине **1926,9 млн. сом** калыбына келтирилген.

***Аныкталган резервдер менен мамлекеттик бюджеттин жоготууларынын түзүмү***

Резервдер жана бюджеттин жоготууларынын жалпы суммасындагы бир кыйла көлөмдү, бюджеттик мекемелерди ашыкча каржылоо жана эле эмгек акыларды төлөөдөгү бузуулар ээлейт.

*2-таблица.* ***2016-жылы резервдер менен бюджеттин жоготууларынын түзүмү, млн. сомдо***

| **Көрсөткүч** | **2016-ж.** |
|---|---|
| Жана башка резервдер жана жоготуулар | 10 806,1 |
| Бюджеттик мекемелерди ашыкча каржылоо | 1 223,0 |
| Эмгек акыларды төлөөдөгү бузуулар | 852,8 |
| Салык жана бажы төлөмдөрү боюнча бюджеттин жоготуулары | 126,4 |
| Бааларды жана тарифтерди жогорулатуу | 116,8 |
| Товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык чыгымдалышы | 114,2 |
| **Бардыгы:** | **13 239,3** |


Ашыкча каржыланган каражаттардын көп суммасы, мамлекеттик органдардын пландуу көрсөткүчтөрүн жогорулатууда көрсөтүлгөн, бюджетти пландоо этабындагы кемчиликтер жөнүндө күбөлөндүрөт. Ашыкча каржыланган каражаттар, өз кезегинде, колдонуудагы мыйзамды бузуу менен, министрликтер менен ведомстволордун жетекчилерине кызматкерлердин эмгек акыларына карата кошумча төлөмдөрдү жана кошуп төлөөлөрдү жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн берет.

**Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар**

Отчёттук жылы Эсептөө палатасы тарабынан **868,3** млн. сомго рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар аныкталган. Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын жалпы суммасынын ичинен, бюджеттик каражаттар - 714,7 млн. сомду, же 82,3 пайызды, чарба жүргүзүүчү органдардын каражаттары – 123,6 млн. сомду, же 14,2 пайызды жана атайын каражаттар – 30,0 млн. сомду, же 3,5 пайызды түзгөн.

2015-жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу, рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын аныкталган суммасы 70,0 млн. сомго, же 8,8 пайызга көбөйгөн.

*5-диаграмма.* ***2015-2016-жылдары рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын динамикасы, млн. сомдо***




Отчёттук жылдын аягында **151,5** млн. сом калыбына келтирилген. Резервдер жана бюджеттин жоготуулары менен болгон учурдай эле, рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар негизинен, калыбына келтирүүгө жатпай тургандыгын белгилей кетүү керек.

***Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын түзүмү***

Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын аныкталган суммасы төмөндөгүдөй бөлүштүрүлгөн:

*3-таблица.* ***2016-жылга рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын түзүмү, млн. сомдо***

| Көрсөткүч | 2016-ж. |
|---|---|
| Пландалган максатына жетпестен чыгымдалган каражаттар | 554,1 |
| Товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору жана эсептеги каражаттар | 294,7 |
| Жылдын аягында мекемелердин кассаларындагы бюджеттик накталай каражаттардын пайдаланылбаган калдыктары | 11,9 |
| Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдөгү бузуулар | 7,6 |
| **Бардыгы:** | **868,3** |

Пландалган максатына жетпестен чыгымдалган каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору жана эсептеги каражаттардын бир кыйла суммалары, чыгымдарды пландоо үстүндө контролдоо деңгээлинин төмөндүгү, министрликтер, ведомстволор, аудиттердин жана башка объекттеринин жетекчилери тарабынан каражаттардын натыйжасыз бөлүштүрүлүшү жөнүндө күбөлөндүрөт.

## 2.2. Мүнөздүү бузууларды талдоо

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча Эсептөө палатасы аудит объектилерине жолдогон жазма буйруктарында жана Өкмөткө карата сунуштарында, тигил же бул болгон бузуулардын болгондугун жана аларды кыскартуу жана алдын алуу

боюнча чараларды сунуштайт. Бирок, буга карабастан, жыл сайын бузуулардын айрым түрлөрү, бардык мамлекеттик органдар үчүн мүнөздүү бойдон кала берүүдө.

Мындай бузуулардын бири болуп, эмгек акыларды негизсиз төлөөнү камтуу менен, аны төлөөдөгү бузуулар эсептелет. Отчёттук жылы 1,0 млрд. сомдон ашык мындай түрдөгү бузуулар аныкталган. Абдан ири суммалар саламаттык сактоо тутумунда аныкталган – 267,6 млн. сом, билим берүүдө – 41,4 млн. сом, социалдык камсыздоодо - 19,9 млн. сом. Мындан сырткары, шаарлардын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудитте 386,6 млн. сом бузуулар аныкталган, анын ичинен, ашык жана негизсиз төлөөлөр - 131,6 млн. сом, жергиликтүү бюджетте турган башкаруу органдары - 218,0 млн. сом. Бул фактылар, колдонуудагы эмгек акы төлөө тутумундагы тиешелүү мыйзам ченемдеринин сакталбагандыгын көрсөтөт.

Эмгек акы төлөөдөгү бузуулар, эреже катары, мамлекеттик органдарды ашыкча каржылоонун натыйжасы болуп эсептелет. Алсак, 2016-жылы жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча, аудиттелген мезгилге карата бюджеттик мекемелер 1,2 млрд. сомго ашыкча каржыланган. Анын ичинен, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудитте, 2015-жылдын жыйынтыгы боюнча кызматкерлердин эмгек акыларынын ичинен факты жүзүндө кармалаган суммалар эсепке алынбастан, бюджеттик уюмдар тарабынан Мамлекеттик пенсиялык топтоо фондуна камсыздандыруу төгүмдөрүн чегерүүгө байланыштуу, 105,1 млн. сом бюджеттик каражаттардын ашык төлөнүшү аныкталган. Демек, бюджеттик уюмдардын ашыкча төгүмдөрүнүн эсебинен, кирешелер планын аткаруу жана башка төлөөчүлөрдүн карыздарын азайтуу боюнча, Социалдык фондунун айрым башкармалыктарынын отчёттук көрсөткүчтөрү жакшырган. Мындан сырткары, билим берүү тутумунун объекттери боюнча ашыкча каржылоо - 51,0 млн. сомду; Өзгөчө кырдаалдар министрлиги боюнча - 14,5 млн. сомду түзгөн. Бул фактылар министрликтер менен ведомстволордун пландуу көрсөткүчтөрүнүн ашырылган суммалары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан мамлекеттик бюджетти пландоо процессин начар контролдоо жөнүндө күбөлөндүрөт.

Мындан сырткары, бюджеттик сметаларды түзүү этабында мамлекеттик органдардын жетекчилери тарабынан контролдоонун талаптагыдай деңгээлинин жоктугу, каражаттарды рационалдуу эмес чыгымдалышына жана натыйжасыздыгына алып келет. Алсак, максатына жетпестен чыгымдалган каражаттар, отчёттук жылы 554,1 млн. сомду түзгөн, анын ичинен, 165,2 млн. сом “Ысык-Көлдү” туруктуу өнүктүрүү” долбоорунун алкагында чыгымдалган.

Кыянаттык менен пайдалануунун тутумдуу мүнөзү, капиталдык салым каражаттарын өздөштүрүү чөйрөсүндө орун алган. Бул максаттарга бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын чыгымдалышына жүргүзүлгөн ар бир аудиттин жүрүшүндө, аткарылбаган курулуш-куроо иштерине төлөөнү же наркын ашыруу фактылар аныкталат. Мындай бузуулардын негизги бөлүгү транспорт тутумуна туура келет. Алсак, 2016-жылы бул чөйрөдөгү курулуш-куроо иштеринин көлөмүн ашыруунун жалпы суммасы 145,2 млн. сомду түзгөн, анын ичинен, Бишкек-«Эл аралык аэропорт «Манас» автомобиль жолун капиталдык оңдоо боюнча - 132,0 млн, сом, Балыкчы–Тамчы–Корумду жолу боюнча – 9,8 млн. сом. Мындан сырткары, саламаттык сактоо тутумунда бул көрсөткүч - 6,7 млн. сомду, билим берүү тутумунун объектилеринде – 4,2 млн. сомду түзгөн. Айыл округдарынын бюджеттинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттерде, бүтүндөй 19,4 млн. сомго курулуш иштерин ашыруу аныкталган.

Ошентип, министрликтер менен ведомстволордун жетектөөчү курамынын дайыма алмашылып турушу, мамлекеттик каражаттардын пайдаланылышына карата талаптагыдай контролдоонун жоктугу, негизинен, ченемдик-укуктук актылардын

сакталбашы акыры келип, мамлекеттик бюджеттин жоготуусуна алып келет. Жогоруда көрсөтүлгөн бузуулардын түрлөрү, каражаттарды натыйжасыз пайдалануунун, ошондой эле коррупциялык көрүнүштөрдүн натыйжасы болуп эсептелет.

Түзүлгөн кырдаалдардан улам, каржы бузууларын алдын алуу, профилактикалоо жана административдик жоопкерчиликти күчөтүү максатында, Эсептөө палатасы тарабынан Административдик жоопкерчилик жөнүндө Кыргыз Республикасынын Кодексинин, аудит объектисинин жетекчиси Эсептөө палатасынын жазма буйругун аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда, айып пул санкцияларын колдонуу бөлүгүнө толуктоолорду киргизүү сунушталган, бул болсо, кийинчерээк аныкталган бузуулардын суммасын бир кыйла кыскарышына алып келиши керек.

## 2.3. Эксперттик-аналитикалык иш чаралардын жыйынтыктары

2016-жылы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан Евразиялык экономикалык биримдикте (ЕАЭБ) республиканын ишинин алкагында эксперттик-аналитикалык иш чаралар өткөрүлгөн.


2016-жылдын 29-апрелиндеги Армения Республикасынын Контролдоо палатасы, Белоруссия Республикасынын Мамлекеттик контролдоо комитети, Казакстан Республикасынын Республикалык бюджеттин аткарылышын контролдоо боюнча эсептөө комитети, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана Россия федерациясынын Эсептөө палатасы тарабынан биргелешкен контролдук иш-чараларды өткөрүү жөнүндөгү Макулдашуунун негизинде, 2015-жылга тыштан келтирилген бажы алымдарынын (жана башка алымдар, эквиваленттик аракетке ээ салыктар жана жыйымдар) суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү, аларды мүчө мамлекеттердин бюджеттерине которуу тартиби жөнүндө Протоколдун (Евразиялык экономикалык биримдик жөнүндө келишимге карата №5 тиркеме) сакталышына текшерүү жүргүзүлгөн.

Текшерүү Армения Республикасынын Финансы министрлигинде, Белоруссия Республикасынын Финансы министрлигинде, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгында, Россия Федерациясынын Федералдык казыналыгынын Регион аралык операциялык башкармалыгында жүргүзүлгөн.

Биргелешкен иш-чаранын максаты: Биримдиктин мүчө өлкөлөрүнүн бюджеттеринин ортосунда бөлүштүрүлүүгө тиешелүү тыштан келтирилген бажы алымдарынын суммаларын, башка мүчө мамлекеттердин эсебине ыйгарым укуктуу органдар тарабынан толук жана өз учурунда которулушун текшерүү.

Протокол менен, ар бир мүчө мамлекет үчүн тыштан келтирилген бажы алымдарынын суммаларын бөлүштүрүүнүн ченемдери белгиленген:

*6-диаграмма.* ***Тыштан келтирилген бажы алымдарынын суммаларын бөлүштүрүүнүн ченемдери***



2015-жылдын 4-кварталына карата ЕАЭБдын жалпы бюджетинен алымдардын келип түшүүсү, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан 5 млрд. 200 млн. сом суммасында болжолдонгон. ЕАЭБдын маалыматтары боюнча факты жүзүндө аткарылышы 3 млрд. 503 млн. 820,5 миң сомду, же болжолдоонун аткарылышы 67,4 %ды түзгөн.

2015-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчётко ылайык, ЕАЭБдын жалпы бюджетинен алымдардын келип түшүүсү 3 млрд. 502 млн. 690,2 миң сом суммасында көрсөтүлгөн. Отчётто календардык жылдын акыркы жумушчу күнүнө карата тыштан келтирилген бажы алымдарынын суммаларын бөлүштүрүүдөн 1 млн. 130,3 миң сом өлчөмүндөгү келип түшүүлөр эсепке алынган эмес, анткени, Отчёт ЕАЭБ протоколунун 6-пунктунун ченеми эске алынбастан, улуттук мыйзамдын негизинде түзүлгөн.

ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин финансылык контролдоонун жогорку органдарынын жетекчилеринин биргелешкен отурумунда текшерүү материалдарын кароонун жыйынтыгы боюнча, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө улуттук мыйзамды ЕАЭБ алкагында бюджеттин аткарылышы боюнча отчеттуулукту жөнгө салуучу эл аралык келишимдердин жана башка актылардын ченемдерине ылайык келтирүү үчүн, ченемдик-укуктук актыларды кабыл алуу сунушталган.

*4-таблица.* ***Кыргыз Республикасына тыштан келтирилген бажы алымдарынын келип түшүүлөрүнүн жана бөлүштүрүүлөрүнүн динамикасын талдоо, миң сомдо***

| **Кыргыз Республикасы** | **октябрь – декабрь 2015-ж.** |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын аймагында төлөнгөн жана бөлүштүрүлүүгө тиешелүү тыштан келтирилген бажы алымдары** | **3 068 854,4** |
| ***анын ичинен бөлүштүрүлгөн:*** | |
| Армения Республикасына | 34 064,3 |
| Белоруссия Республикасына | 139 939,8 |
| Казакстан Республикасына | 218 195,6 |
| Кыргыз Республикасына | 58 308,2 |
| Россия Федерациясына | 2 618 346,5 |
| ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин бюджеттерине которулган | 3 010 546,2 |
| **ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринен Кыргыз Республикасынын бюджетине келип түшкөн, анын ичинен:** | **3 445 512,3** |
| Армения Республикасынан | 26 522,8 |
| Белоруссия Республикасынан | 162 582,0 |
| Казакстан Республикасынан | 232 102,1 |
| Россия Федерациясынан | 3 024 305,4 |
| **Кыргыз Республикасынын бюджетине бардык келип түшкөндөр** | **3 503 820,5** |
| **ЕАЭБ мүчө мамлекеттери менен эсептешүүнүн калдыгы*, анын ичинен:** | **+434 966,1** |
| Армения Республикасы менен | -7 541,5 |
| Белоруссия Республикасы менен | +22 642,2 |
| Казакстан Республикасы менен | +13 906,5 |
| Россия Федерациясы менен | + 405 958,9 |

**тыштан келтирилген бажы алымдарынын алынган жана которулган суммаларынын ортосундагы айырма*

*5-таблица.* **2015-жылы ЕАЭБ мүчө мамлекеттеринин бюджеттерине тыштан келтирилген бажы алымдарынын жыйынтыкталган келип түшүүлөрү жана бөлүштүрүлүшү, млн. АКШ долл.**

| Армения Республикасы | | Белоруссия Республикасы | | Казакстан Республикасы | | Кыргыз Республикасы | | Россия Федерациясы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Бирдиктүү эсепке бардык келип түшкөндөр*** | ***74,5*** | ***Бирдиктүү эсепке бардык келип түшкөндөр*** | ***539,5*** | ***Бирдиктүү эсепке бардык келип түшкөндөр*** | ***850,2*** | ***Бирдиктүү эсепке бардык келип түшкөндөр*** | ***47,6*** | ***Бирдиктүү эсепке бардык келип түшкөндөр*** | ***9075,9*** |
| Өз бюджетине бөлүштүрүлгөн | 0,8 | Өз бюджетине бөлүштүрүлгөн | 25,0 | Өз бюджетине бөлүштүрүлгөн | 61,4 | Өз бюджетине бөлүштүрүлгөн | 0,9 | Өз бюджетине бөлүштүрүлгөн | 7859,6 |
| ***ЕАЭБ мүчө мамлекеттерине, анын ичинен:*** | ***73,7*** | ***ЕАЭБ мүчө мамлекеттерине, анын ичинен:*** | ***514,5*** | ***ЕАЭБ мүчө мамлекеттерине, анын ичинен:*** | ***788,8*** | ***ЕАЭБ мүчө мамлекеттерине, анын ичинен:*** | ***46,7*** | ***ЕАЭБ мүчө мамлекеттерине, анын ичинен:*** | ***1216,3*** |
| Белоруссия Республикасына | 3,4 | Армения Республикасына | 5,7 | Армения Республикасына | 8,9 | Армения Республикасына | 0,5 | Армения Республикасына | 95,4 |
| Казакстан Республикасына | 5,4 | Казакстан Республикасына | 38,9 | Белоруссия Республикасына | 39,3 | Белоруссия Республикасына | 2,2 | Белоруссия Республикасына | 420,2 |
| Кыргыз Республикасына | 0,4 | Кыргыз Республикасына | 2,6 | Кыргыз Республикасына | 4,5 | Казакстан Республикасына | 3,4 | Казакстан Республикасына | 655,1 |
| Россия Федерациясына | 64,5 | Россия Федерациясына | 467,3 | Россия Федерациясына | 736,1 | Россия Федерациясына | 40,6 | Кыргыз Республикасына | 45,6 |
| ***ЕАЭБ мүчө мамлекеттер-инен келип түшкөндөр, бардыгы*** | ***110,5*** | ***ЕАЭБ мүчө мамлекеттер-инен келип түшкөндөр, бардыгы*** | ***470,0*** | ***ЕАЭБ мүчө мамлекеттер-инен келип түшкөндөр, бардыгы*** | ***705,7*** | ***ЕАЭБ мүчө мамлекеттер-инен келип түшкөндөр, бардыгы*** | ***53,4*** | ***ЕАЭБ мүчө мамлекеттер-инен келип түшкөндөр, бардыгы*** | ***1312,3*** |
| анын ичинен: | | анын ичинен: | | анын ичинен: | | анын ичинен: | | анын ичинен: | |
| Белоруссия Республикасынан | 5,6 | Армения Республикасынан | 3,5 | Армения Республикасынан | 5,4 | Армения Республикасынан | 0,4 | Армения Республикасынан | 63,6 |
| Казакстан Республикасынан | 8,9 | Казакстан Республикасынан | 40,3 | Белоруссия Республикасынан | 38,4 | Белоруссия Республикасынан | 2,5 | Белоруссия Республикасынан | 461,0 |
| Кыргыз Республикасынан | 0,5 | Кыргыз Республикасынан | 2,1 | Кыргыз Республикасынан | 4,0 | Казакстан Республикасынан | 3,6 | Казакстан Республикасынан | 749,1 |
| Россия Федерациясынан | 95,5 | Россия Федерациясынан | 424,1 | Россия Федерациясынан | 657,9 | Россия Федерациясынан | 46,9 | Кыргыз Республикасынан | 38,6 |
| ***Армения Республика-сынын бюджетине бардык келип түшкөндөр*** | ***111,3*** | ***Белоруссия Республика-сынын бюджетине бардык келип түшкөндөр*** | ***495,0*** | ***Казакстан Республика-сынын бюджетине бардык келип түшкөндөр*** | ***767,1*** | ***Кыргыз Республика-сынын бюджетине бардык келип түшкөндөр*** | ***54,3*** | ***Россия Федерация-сынын бюджетине бардык келип түшкөндөр*** | ***9171,9*** |
| ***Эсептөөлөрдүн калдыгы*** | 36,8 | ***Эсептөөлөрдүн калдыгы*** | -44,5 | ***Эсептөөлөрдүн калдыгы*** | -83,1 | ***Эсептөөлөрдүн калдыгы*** | 6,7 | ***Эсептөөлөрдүн калдыгы*** | 96,0 |

2016-жылдын сентябрынан баштап декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Армения Республикасынын Контролдоо палатасынын, Белоруссия Республикасынын Мамлекеттик контролдоо комитетинин, Казакстан Республикасынын Республикалык бюджеттин аткарылышын контролдоо боюнча эсептөө комитетинин, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жана Россия федерациясынын Эсептөө палатасынын өкүлдөрүнөн турган топтун курамы тарабынан төмөндөгүлөр жүргүзүлгөн:

- 2015-жылга бюджеттик отчеттуулуктун жана бюджеттик эсептин аныктыгын жана 2015-жылы Евразиялык экономикалык биримдиктин бюджетинин каражаттарынын пайдаланылышын текшерүү;
- 2016-жылдын 1-жарым жылдыгында Евразиялык экономикалык биримдиктин бюджетин аткаруу тартибинин сакталышын текшерүү;
- Евразиялык экономикалык биримдиктин (мындан ары – Биримдик) органдарынын бюджеттик сметаларынын долбоорлорунун негиздүүлүгүн, алардын Биримдиктин укуктарына жана Биримдиктин органдарынын актыларына туура келишин талдоо;
- 2017-жылга Евразиялык экономикалык биримдиктин бюджетинин долбоорунун түзүлүү тартибинин, Биримдиктин укуктарына жана Биримдиктин органдарынын актыларына, мүчө мамлекеттердин ченемдик-укуктук актыларына туура келишин текшерүү.

Тышкы эксперттик-аналитикалык иш чаралардын объекттери болуп, төмөндөгүлөр эсептелет:

1. Евразиялык экономикалык комиссия (мындан ары – Комиссия);
2. Евразиялык экономикалык биримдиктин соту (мындан ары – Биримдиктин Соту).

Аныкталган бузууларды жана кем чыгууларды четтетүү, Биримдиктин бюджетинин каражаттарын башкаруунун жана тескөөнүн, Биримдиктин мүлкүн жана башка активдерин пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу, Биримдиктин укуктарына кирген актыларды жакшыртуу максатында, төмөндөгүлөр сунушталган:

1. Биримдиктин интеграцияланган маалыматтык тутумун түзүү, анын иштешин жана өнүгүүсүн камсыздоо үчүн, чыгымдардын натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чараларды көрүү.
2. Катчылыктын иштеши маселеси боюнча комиссия жөнүндө Жобого ылайык келтирүү бөлүгүндө, Комиссиянын ченемдик-укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү.
3. Биримдиктин Сотунун кесиптик ишине байланышпаган иш чараларга катышуу үчүн, Биримдиктин Сотунун аппаратынын кызматкерлерин жана кызматтагы адамдарын, судяларын командировкага жөнөтүүгө тыюу салуу максатында, Биримдиктин Сотунун аппаратынын кызматкерлери жана кызматтагы адамдары, судялары кызматтык командировкага чыгышын тариздөөчү жол-жобого жана тартибине толуктоолорду киргизүү.
4. Комиссиянын кызматкерлерин транспорттук тейлөө жана Комиссиянын кызматтык автомобилдерин техникалык тейлөө, кепилдик жана кезектеги оңдоо жөнүндө кызмат көрсөтүүлөргө түзүлгөн келишимдер боюнча, Комиссиянын бюджетинин каражаттарынын натыйжалуу пайдаланылышын жогорулатуу боюнча чараларды көрүү.
5. Тейлөөчү адамдар өргүүдө жүргөн мезгилде жеке кызматтык авто транспортту Комиссияда жана Биримдиктин сотунда пайдаланууну тартипке салуу боюнча чараларды көрүү.
6. Чыгымдарды эсептөө ченемдеринин баштапкы (максималдуу) баасын эсептөөдө түз кирешелер менен чыгымдарды чектөө бөлүгүнө, ошондой эле социалдык керектөөлөргө чегерүүлөрдүн ченемдер бөлүгүнө, чыгымдарды эсептөө ченемдеринин методикасы менен белгиленген талаптардын сакталышын камсыз кылуу, эмгектин көп талап кылынышын жана эмгек чыгымдарын эсептөөнү регламенттөө максатында, чыгымдарды эсептөө ченемдеринин методикасына өзгөртүүлөрдү киргизүү.
7. Бекитилген актыларга ылайык, ички контролдоонун натыйжалуу тутумун, ошондой эле ички финансылык аудитти Биримдик органдарына уюштурууну жана жүргүзүүнү камсыз кылуу. Функционалдык көз карандысыздыктын негизинде, ички финансылык контролдоону ишке ашыруу максатында, Комиссиянын Коллегиясынын

төрагасына түздөн түз баш ийген, ички финансылык аудиттин функцияларын ишке ашыруучу түзүмдүк бөлүнүштүрдү түзүү жөнүндө маселени кароо.

8. Чыгымдарды эсептөө ченемдерин даярдоо жана Биримдиктин интеграцияланган маалыматтык тутумун түзүү жана өнүктүрүү боюнча келишимдердин алкагында түзүлгөн интеллектуалдуу иштин натыйжасына карата укукту каттоо тартибин белгилөө, 10602 «Материалдык эмес активдерге салымдар» эсебине интеллектуалдуу иштин жыйынтыктарына карата чыгымдарды киргизүү боюнча маселени кароо.

## 2.4. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин кыскача жыйынтыктары

### Республикалык бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын аткаруу менен, Эсептөө палатасы отчёттук жылга республикалык бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына жыл сайын аудит жүргүзөт жана Жогорку Кеңештин Регламентине ылайык, белгиленген мөөнөттө анын жыйынтыктары жөнүндө отчётту берет.

2015-жылга республикалык бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудит жөнүндө отчёт, 2016-жылдын 30-августунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине берилген (№01-4/1220).

Аудиттин жыйынтыктары боюнча каржы бузууларынын жалпы суммасы **581,4 млн. сомду** түзгөн, анын ичинен: бюджеттик каражаттардын максатсыз пайдаланылышы – 248,0 млн. сом, насыялык каражаттар – 1,6 млн. сом, казыналыктын тутумун кыйгап өтүү менен пайдаланылган каражаттар – 331,8 млн. сом. Аныкталган суммалардын **249,6 млн. сом** ордуна коюлушу керек, анын ичинен жылдын аягында **248,0 млн. сом** кайтарылган.

Мындан сырткары, 4 699,1 млн. сомго бюджеттин резервдери жана жоготуулары аныкталган, анын ичинен 2 001,4 млн. сом калыбына келтирилүүгө тийиш. Отчёттук жылдын жыйынтыгы боюнча **1 854,5 млн. сом** калыбына келтирилген.

Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар **131,9 млн. сомду** түзгөн. 91,6 млн. сом калыбына келтирилүүгө тийиш болсо, **86,9 млн. сом** калыбына келтирилген.

2015-жылга мамлекеттик бюджеттин көрсөткүчтөрү, негизинен 2015-жылга Бюджетти орто мөөнөттүү болжолдоодогу (БОБ) күтүлгөн параметрлерге ылайык коюлган, бирок мамлекеттик бюджетти бекитүү баскычында, салык параметрлери 2,8 млн. сомго азайтылган.

Жылдык бюджет менен БОБдун өз ара байланышын талдоо, боло турган чыгымдарды пландоо жана ар бир тармак боюнча мамлекеттик иштин артыкчылыктуу багыттарын так аныктоо максатында, ресурстардын келечектеги көлөмдөрү жөнүндө түшүнүккө ээ болуусуна Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө мүмкүндүк берүүчү, мамлекеттик финансыны теңсөө аспабы катары, жылдан жылга БОБдун колдонулбагандыгын көрсөттү.

Киреше бөлүгүн пландоо, 2012-2015-жылдарга Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Финансысын башкаруу тутумун реформалоо боюнча Иш-аракеттердин орто мөөнөттүү планына каршы, салык кирешелерин болжолдоо боюнча методикалык окуу куралы иштелип чыкпастан жүргүзүлгөн.

2015-2017-жылдары мамлекеттик чыгымдар саясатынын максатын, социалдык көйгөйлөрдүн даректүү чечилишин, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардын сапатын жогорулатууну белгилеген, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2014-жылдын 19-июнундагы токтому менен бекитилген Бюджеттик резолюциянын талаптагыдай аткарылбагандыгы белгиленет, бул болсо, Кыргыз Республикасынын

Мыйзамы менен бекитилген каражаттардан 2,4 млрд.сомдон ашык суммада социалдык багыттар боюнча каражаттардын жеткире каржыланбашы менен тастыкталат.

Мыйзамдуу базанын тутумдуу бирдиктүүлүгүнүн жоктугунун жана Финансы министрлиги тарабынан сапатсыз администрлөөнүн натыйжасында:

- ✓ "Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган көптөгөн төлөмдөр боюнча келип түшүүлөр жок;
- ✓ Салык эмес кирешелерди топтоодо жана аларды ведомстволор ортосунда бөлүштүрүүдө, бирдиктүү мамлекеттик мамиле камсыздалган эмес.

"2015-жылга республикалык бюджет жана 2016-2017-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен баштапкы бекитилген бюджетте, насыяларды, ссудаларды жана займдарды берүү каралбагандыгы аныкталган. Бирок, Мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн натыйжасында, төмөндөгү чарба жүргүзүүчү субъекттерге ссудалар бөлүнгөн: "Кыргыз турак жай – коммуналдык союз" мамлекеттик ишканасына электр от казандарын отундун башка түрлөрүнө өткөрүү үчүн - 37,0 млн. сом; "Электр станциялары" ААКсына электр энергиясын импорттоо жана отун сатып алуу үчүн - 1750,0 млн. сом; "Кыргыз алтын" ААКсына юридикалык компаниялардын кызматына төлөө үчүн - 30,0 млн. сом; "Жылуулук менен жабдуу" муниципалдык ишканасына (Ош шаары) жаңы от казандарынын курулушу жана жаңы от казандарды сатып алуу үчүн - 82,9 млн. сом; "Кадамжай турак жай өндүрүштүк-пайдалануучу коммуналдык чарба" муниципалдык ишканасына 2011-жылы табигый кырсыктан жабыркаган жарандарга 45 батирлүү турак үйдүн курулушу үчүн - 20,0 млн. сом.

Мында, Финансы министрлиги тарабынан бюджеттик ссудалар, бюджеттик ссудаларды алуучулардын финансылык абалына алдын ала текшерүү жүргүзүлбөстөн туруп берилгендиги белгиленген.

Алсак, бюджеттик мыйзам менен, республикалык бюджеттен ишканаларга, уюмдарга жана башка чарба жүргүзүүчү субъекттерге берилген ссудалар жана насыялар, мурда берилген насыяларды төлөөдө суммаларды жана пайыздарды төлөө боюнча алар милдеттемелерин аткарган шартта гана берилет деп белгиленген.

Бирок, 01.01.2015-жылга карата "Электр станциялары" ААКсы боюнча мурда алынган жана төлөнбөгөн ссуда 8515,1 млн. сомду түзгөн, анын ичинен, мөөнөтү өткөн карыз 1,3 млн. сом. Ошону менен бирге, Финансы министрлиги тарабынан 2015-жылы "Электр станциялары" ААКсына 1750,0 млн. сом суммасында бюджеттик ссуда берилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 22-июлундагы №345-б буйругунун негизинде, ал боюнча төгүү мөөнөтүн 2020-жылдын 15-январынан баштап 2021-жылдын 15-декабрына чейин узартуу менен, "Электр станциялары" ААКсынын мурда алган карыз каражаттарын реструктуризациялоо жүргүзүлгөн.

Жогоруда аталган Мыйзам менен, «Залкар Банк» - Бишкек» ААКсынын филиалында жайгаштырылган - 800,0 млн. сом; «РСК Банк» ААКсындагы - 88,7 млн. сом; «Айыл-Банк» ААКсындагы - 33,3 млн. сом депозиттер эсепке алынбагандыгы аныкталган.

Мындан сырткары, Мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүүдө, 2015-жылдын аягында "Мамлекеттик камсыздандыруу компаниясы" ААКсынын уставдык капиталын каржылоо үчүн чыгымдар 50,0 млн. сомго жана "Мамлекеттик ипотекалык компания" ААКсы - 10,0 млн. сомго кошумча көбөйтүлгөн. Мында, Финансы министрлиги тарабынан каржылоо, бул коомдор юстиция органдарында расмий катталганга жана аларды уставдары бекитилгенге чейин эле ачылган.

Республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн аткарылышы, такталган пландан 91,3%ды түзгөн (план - 131836,1 млн. сом, факт - 120427,2 млн. сом).

30.12.2015-жылдагы №232 “2015-жылга республикалык бюджет жана 2016-2017-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен такталган чыгымдар, Бюджеттик жиктөөнүн бардык бөлүмдөрү боюнча аткарылган эмес.

2016-жылдын 1-январына карата республикалык бюджеттин бухгалтердик балансынын маалыматтарына ылайык, жеткире каржылабоонун натыйжасында, эмгек акы төлөө жана Соцфондго чегерүүлөр боюнча милдеттемелер 288,9 млн. сомду түзгөн, анын ичинен бюджеттик каражаттар боюнча - 197,4 млн. сом, атайын каражаттар боюнча - 91,5 млн. сом. Ошол эле учурда, бюджеттик мекемелер тарабынан “Эмгек акы” жана “Соцфондго чегерүүлөр” беренелери боюнча 84,3 млн. сом пайдаланылбаган накталай акча каражаттары кайтарылган.

Республикалык бюджеттин бекитилген жана такталган чыгымдарын талдоо, айрым министрликтер жана ведомстволор боюнча баштапкы контролдоочу цифралар, бир учурда көлөмү ашырылып, экинчи учурда төмөндөтүлүп берилгендигин көрсөткөн.

“Кыргыз Республикасында бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесинин эмгек акы фонддорун жана Соцфондго чегерүүлөрдүн реалдуу эсептөөлөрдүн түзүлүшүнө жана аткарылышына контролдоону камсыздоо бөлүгүн аткаруу боюнча Финансы министрлигининин жетишсиз ишинин натыйжасында, “Эмгек акы” жана “Соцфондго чегерүүлөр” беренелери боюнча пландуу көрсөткүчтөр жалпы 984,6 млн. сом суммасында ашырылгандыгы аныкталган, бул болсо, республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн көбөйүүсүнө алып келген. Ашыкча каржыланган каражаттар, министрликтер жана ведомстволор тарабынан кызматкерлердин эмгек акыларына карата кошумча төлөмдөрдү жана кошуп төлөөлөрдү жүргүзүүгө мүмкүндүк берген.

Мындан сырткары, Финансы министрлигинде социалдык сектордогу айрым министрликтер жана ведомстволор боюнча 2015-жылга бюджет боюнча контролдук цифралар боюнча тиешелүү тастыкталган документтер жана негизделген эсептөөлөр жок.

Финансы министрлиги тарабынан министрликтер жана ведомстволор берген тармактык стратегиялардын параметрлери эске алынган эмес. Жыл сайынкы бюджетти даярдоодо, министрликтер жана ведомстволордун орто мөөнөттүү бюджеттеринин маалыматтары пайдаланылбайт, бюджеттик камсыздоонун индикаторлоруна жана алардын аткарылышына мониторинг жүргүзүлбөйт.

Көпчүлүк корголбогон беренелерди каржылоо, жылдын аягында товардык-материалдык баалуулуктардын корлорунун жана дебитордук карыздын пайда болушуна алып келет. Аудит тарабынан, эсептердеги 131,9 млн. сом суммасында каражаттардын калдыктары жана товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору каржылоодо эсепке алынбагандыгы аныкталган.

Капиталдык салымдарга республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттарга жүргүзүлгөн аудитте, төмөндөгү бузуулар аныкталган:

а) иштердин наркын жана көлөмдөрүн, ошондой эле подряддык уюмдардын каражаттарынын эсебинен калыбына келтирүүгө тийиш болгон иштерди жүргүзүүдөгү жараксыздыктарды 64,7 млн. сомго ашыруу;

б) “2015-жылга республикалык бюджет жана 2016-2017-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен, объект боюнча капиталдык салымдардын тизмеси Мыйзам менен белгиленгенге караганда 14,2 млн. сомго аз бекитилген;

в) Түрк насыясынын каражаттары 542,8 миң сомго натыйжасыз пайдаланылган, анткени, колдонуудагы долбоорлорду кайрадан долбоорлоого багытталган;

г) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 29-майындагы № 299 токтому менен бекитилген Өкмөт аралык макулдашууну жана Макулдашууга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө протоколду бузуу менен, Турак жай-жарандык курулуш департаменти тарабынан Ош шаарындагы 2 мектепти каржылоо жүргүзүлгөн, ал жерде 1 мектеп гана каралган, же казак грантынын каражаттарынын ичинен 40,9 млн. сом рационалдуу эмес пайдаланылган.

2015-жылга Мамлекеттик инвестициялар жана техникалык жардамдар программасына жүргүзүлгөн аудитте төмөндөгүлөр аныкталган:

а) Мамлекеттик инвестициялар программасына эл аралык финансы институттары тарабынан али кол коюла элек, бирок ички мамлекеттик жол-жоболор жүргүзүлө элек долбоорлор, макулдашуулар киргизилген, бул болсо, Программанын болжолдуу көрсөткүчтөрүнүн жогорулатылышына, кийинки жылдарга аларды колдонууну жылдыруу менен, долбоорлор боюнча карыз каражаттарды жыл ичинде мурда пландалган көлөмдөрүн азайтууга, ошондой эле Программанын начар аткарылышына алып келет. Мында, Мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөрдүн негизинде, Мамлекеттик инвестициялар программасынан 25 насыя жана 17 грант алынып салынып, 12 грант жана 5 насыя киргизилген.

б) “2015-жылга республикалык бюджет жана 2016-2017-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесине ылайык, Жогорку Кенештин Бюджет жана финансы комитети менен макулдашпастан туруп, инвестициялык долбоорлорду бекитилген суммадан 505,9 млн. сомго ашык каржылоо жүргүзүлгөн.

в) 270,9 млн. сом суммасында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүн кошо каржылоо боюнча долбоорлор киргизилген, ал боюнча сметалар жана “2015-жылга республикалык бюджет жана 2016-2017-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына аларды киргизүү боюнча негиздеме жок.

г) Инвестициялык долбоорлор боюнча ай сайынкы отчётторго тандалма текшерүү, көп сандаган каталардын бар экендигин көрсөттү, бул болсо, республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө маалыматтардын бурмаланышына алып келген, ал кийинчерээк Мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү менен оңдолгон.

д) Негизинен, долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмүнүн жана 2015-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчёттун маалыматтарынын ортосундагы курстук айырма 32,2 млн. сомду түзгөн, ал болсо отчётто көрсөтүлгөн эмес. Натыйжада, факты жүзүндө алынган насыялык жана гранттык каражаттардын расмий маалыматтарынын 32,2 млн. сом суммасында бурмаланышына жол берилген.

е) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 25.05.2015-жылдагы №320 “Кыргыз Республикасы мүчө болгон эл аралык уюмдарга жана интеграциялык бирикмелерге 2015-жылга үлүштүк төгүмдөрдү төлөө жөнүндө” токтомуна өзгөртүү киргизилбестен туруп, Кыргыз Республикасы мүчө болуп эсептелген эл аралык уюмдарга жана интеграциялык бирикмелерге үлүштүк төгүмдөрдү каржылоо жүргүзүлгөн. Алсак, КМШ мүчө өлкөлөрүнүн Парламент аралык Ассамблеясына бекитилген суммадан ашык - 7,1 млн. сом, АӨБ – 2,6 млн. сом, БУУнун туруктуу бюджетине – 1,5 млн. сом, жана башкаларга – 0,5 млн. сом которулган *(өзгөртүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 06.04.2016-жылдагы №176 токтому менен киргизилген).*

ж) Мамлекеттик кызматтар реестрине ылайык, Кыргыз Республикасынын туруктуу ыйгарым укуктуу өкүлдөрү КМШ жана Жаматтык коопсуздук келишим уюмунун уставдык органдарында мамлекеттик кызматчылар болуп эсептелишет, алардын эмгек акылары “Эмгек акы” беренеси боюнча каралышы керек. Мында, алардын эмгегине факты жүзүндө төлөө, “2621 “Эл аралык уюмдарга төгүмдөр” беренеси боюнча каржыланат.

Мындан сырткары, үлүштүк төгүмдөрдү төлөө боюнча Борбордук казыналык менен Мамлекеттик инвестициялар жана техникалык жардамдар башкармалыгынын кол коюлган салыштыруу актысында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 06.04.2016-жылдагы №176 токтому менен бекитилген суммаларга салыштырмалуу, КМШ жана Жаматтык коопсуздук келишим уюмунун, Азиялык өнүктүрүү банкынын, Европадагы коопсуздук кызматташуу уюмунун, Бүткүл дүйнөлүк соода уюмунун уставдык уюмдарындагы Туруктуу ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн суммалары боюнча дал келбестиктер орун алган.

2015-жылдын 31-декабрындагы абал боюнча, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызынын өлчөмү 3 805,1 млн. АКШ долларын (288 803,9 млн. сом) түзгөн, анын ичинен мамлекеттик тышкы карыз - 95%ды, же 3 601,1 млн. АКШ долларын (273 320,2 млн. сом); мамлекеттик ички карыз - 5%ды, же 204,0 млн. АКШ долларын (15 483,7 млн. сом) түзгөн. 2014-жылга салыштырмалуу, ички карыздын өлчөмү 12,36 млрд. сомдон 15,48 млрд. сомго чейин көбөйгөн, же 25,0%га өскөн.

Негизинен, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызынын абалы туруктуу болуп белгиленет, т.а. 90%дан ашык портфелди тышкы зайымдар түзөт, ал эми туруктуу карызды талдоо, Кыргызстанды тышкы карызы орточо деңгээлдеги өлкөлөрдүн категориясына киргизсе боло тургандыгын көрсөттү.

Ички карызга караганда, ал жетишээрлик өлчөмдө диверсифицкацияланган болуп көрүнөт, узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздар (МБК) түзүмүндө, эки жылдык мамлекеттик казыналык облигация (МКО) эң чоң бөлүктү ээлей тургандыгын жана МБКны абдан узак мөөнөттүү жүгүртүүгө дайыма чыгаруунун жоктугун эске алуу менен, бул – баалуу кагаздар рыногун өнүктүрүү маселесине карата Финансы министрлиги тарабынан жетишсиз көңүл бурулуп жаткандыгы жөнүндө корутунду жасоого мүмкүндүк берет.

Финансы министрлигинде тобокелдиктерди башкаруунун кандайдыр бир формалдуу жана бирдиктүү жыйынтыгы же башкаруу жол-жобосу жок. Бир жагынан бул, министрликтин өзүнүн функциялары жана милдеттери менен түшүндүрүлөт, алар улуттук жана чет элдик валюталардын алмашуу курсуна таасир берген жана түздөн түз байланыштуу иш-чараларды башкарууну жана ишке ашырууну карабайт. Тартылган зайымдардын артыкчылыктарын, валюталардын динамикасын болжолдоону, 3 айга чейинки кыска мөөнөттүү тутумду камтыган, алмашуу курсунун өзгөрүүсүнө бюджеттин ыкчам көңүл буруу механизмин аныктоо методикасы жок.

Мамлекеттик инвестициялар программасы тарабынан Башкаруу стратегиясы аткарылбайт, мамлекеттик карыздын туруктуулугун көрсөткүчтөрү жөнүндө маалыматты ачыктаган аналитикалык отчёттор жок.

Ошентип, 2015-жылга республикалык бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, бардыгы болуп 581,4 млн. сомго каржы бузуулары аныкталган *(республикалык бюджеттен каржыланган жана капиталдык салымдарга бөлүнгөн каражаттардын натыйжалуулугуна жүргүзүлгөн аудит тарабынан аныкталган суммаларды эсепке албастан*), анын ичинен 249,6 млн. сом калыбына келтирилүүгө тийиш.

Мындан сырткары, бюджеттин резервдери жана жоготуулары 4669,1 млн. сомду түзгөн, анын ичинен 2001,4 млн. сом бюджетке калыбына келтирилүүгө тийиш.

Бюджетке калыбына келтирилүүгө тийиш болгон рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар 131,9 млн. сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 14.10.2016-жылдагы №433-б буйругу менен, “2015-жылга республикалык бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудит жөнүндө” Эсептөө палатасынын отчёту эске алынган жана аудит тарабынан аныкталган бузууларды жана кемчиликтерди четтетүү боюнча министрликтерге,

мамлекеттик комитеттерге, административдик ведомстволорго, аткаруу бийлигинин жана башка мамлекеттик органдарына, ошондой эле 2015-жылга республикалык бюджеттин аткарылышында кемчиликтерге жана бузууларга жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчилигин кароого тапшырма берилген.

Финансы министрлиги тарабынан 2015-жылга республикалык бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын аткаруу менен, 31.12.2016-жылдагы абал боюнча аныкталган каржы бузууларынын суммаларынан 248,0 млн. сом, же 99,0 %, бюджеттин резервдери жана жоготуулары - 1654,5 млн. сом, же 83,0 % жана рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар - 62,3 млн. сом, же 68,0% республикалык бюджеттин кирешесине калыбына келтирилген.

Бул отчётту кароонун жыйынтыгы боюнча, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2016-жылдын 17-ноябрындагы №1098-VI токтому менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө аудиттин жүрүшүндө аныкталган кемчиликтерди четтетүү боюнча чараларды көрүү жана көрүлгөн чаралар жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине берүү тапшырылган.

## Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит

2015-жылы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына бардыгы болуп, 1349,2 млн. сомго теңдөөчү гранттар пландалган жана бөлүнгөн, бул 2014-жылга караганда 49,4 млн. сомго, же 3,8 %га (1299,8 млн. сом) көп.

### *Шаарлардын бюджеттеринин аткарылышы*

Отчеттук жылы Эсептөө палатасы тарабынан 2014-2015-жылдарга Бишкек, Токмок, Кайыңды, Кара-Балта, Кемин жана Шопоков шаарларынын бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына аудиттер жүргүзүлгөн.

Аныкталган каржы бузууларынын жалпы суммасы **152,0 млн. сомду** түзгөн, анын ичинен 33,3 миң сом кайтарылууга тийиш болсо, ал отчеттук мезгилдин аягында бюджетке толугу менен кайтарылган.

Жүргүзүлгөн аудиттердин жүрүшүндө аныкталган резервдер жана бюджеттин жоготуулары - **661,6 млн. сомду** жана рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар - **27,7 миң сомду** түзгөн.

2014-жылга Бишкек шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жүрүшүндө, **133,2 млн. сомго** каржы бузуулары аныкталган. Анын ичинен негизсиз төлөнгөн эмгек акылар - 124,9 млн. сом. Алсак, жергиликтүү маанидеги иш чараларды жүзөгө ашырууга акча каражаттарынын жетишпестиги менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы № 473 “Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, административдик ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын чектелген саны жөнүндө” токтомун бузуу менен, Бишкек шаарынын мэриясы жана Бишкек шаардык кеңешинин токтомдору менен шаардык бюджеттин эсебинен, 458 штаттан ашык бирдиктерди кармоо үчүн, республикалык бюджеттин эсебинен кармалган мамлекеттик органдарга108,8 млн. сом негизсиз багытталган. Мындан сырткары, жумушчу орундарына аттестация өткөрүлбөстөн туруп, 2014-жылга шаардын бюджети менен, эмгектин зыяндуу шарттары үчүн 7,4 млн. сом негизсиз төлөмдөр жүзөгө ашырылган. Бишкек шаардык Кеңешинин 18.03.2014-жылдагы № 77 токтомуна ылайык, бюджеттин чыгымдарынын үстүнөн кирешелерди ашыруунун эсебинен, 2013-жылдын жыйынтыгы боюнча ченемдик актылар менен каралбаган, жол жүрүү жана тамак-аш боюнча чыгымдарды компенсациялоого 8,7 млн. сом бөлүнгөн.

Мындан сырткары, жергиликтүү бюджеттердин резервдик фондунун каражаттарынын ичинен, бюджеттин башка деңгээлинде турган уюмдарды сыйлоого 8,3 млн. сом багытталган.

Аныкталган резервдер жана бюджеттин жоготуулары **660,4 млн. сомду** түзгөн. Бишкек шаарынын мэриясынын 16.10.2013-жылдагы № 324 “2013-2014-жылдарга жергиликтүү бюджеттен каржыланган уюмдар үчүн электр, жылуулук энергиясын, жаратылыш газын, сууну керектөөнүн жана суу агындыларын чыгаруунун лимиттери жөнүндө” токтомун бузуу менен, шаардын муниципалдык мекемелери тарабынан, белгиленген лимиттен 15,6 млн. сомго ашык коммуналдык чыгымдардын пайдаланылышына жол берилген.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1995-жылдын 30-сентябрындагы № 404 “Билим берүү мекемелеринин болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө” токтомун бузуу менен, Бишкек шаардык Кеңешинин 18.03.2014-жылдагы № 77 “2014-жылга Бишкек шаарынын бюджетин бекитүү жана 2015-2016-жылдарга болжолдоо жөнүндө” токтомуна ылайык, 2014-жылы 508,25 штаттан ашык бирдиктерди кармоого, 42,0 млн. сомго шаардык бюджеттин каражаттары чыгымдалган, ченемдик актылардан четтөө менен, ар кандай чөйрөдө иштеген кызматкерлердин эмгек акыларына карата 212,4 млн. сомго ай сайынкы кошуп төлөөлөрдү жана үстөк акыларды төлөө жүргүзүлгөн.

Бюджеттин киреше бөлүгүн пландоодо, муниципалдык жер участкаларын ижарага алуучулардын 384,4 млн. сом карыздары боюнча келип түшүүлөрдүн резерви киргизилбегенден улам, шаардык бюджеттин кирешелери азайтылган. Салык төлөмдөрү боюнча бюджеттин жоготуусу, 2008-жылы лотерея билеттерин даярдоонун натыйжасында пайда болгон, «Шуаншинь» ЖЧКсы кытай компаниясынын алдындагы насыялык карызды төлөө эсебинен улам 6,1 млн. сомду түзгөн.

2014-2015-жылдарга **Токмок шаарынын** бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жүрүшүндө, **11,9 млн. сомго** каржы бузуулары аныкталган. “Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө” жана “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын талаптарын бузуу менен, жергиликтүү бюджеттин бул каражаттары, штаттык жана штаттан ашык бирдиктерди кармоо, коммуналдык кызматтарга төлөө, курулушка жана эмгек акыларга карата кошуп төлөөлөр боюнча, бюджеттин башка деңгээлинде турган ар кандай уюмдарга багытталган.

Резервдер жана бюджеттин жоготуулары **190, 2 миң сомду** түзгөн.

2015-жылга **Кара-Балта шаарынын** бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жүрүшүндө, **6,9 млн. сомго** каржы бузуулары аныкталган. Алсак, “Муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 29-июлундагы №436 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын эмгегине төлөө шарттары жөнүндө”, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 “Өзгөчө шарттарда колдонулуучу, эмгекке төлөө жөнүндө” токтомдорун бузуу менен, мэриянын жана шаардык Кеңештин токтомдоруна ылайык, иштеги зыяндуулук (компьютер менен иштөө) үчүн 30% өлчөмүндө кошуп төлөөлөр, тамак-ашка жана жол жүрүүлөргө компенсациялар негизсиз төлөнгөн.

Мындан сырткары, **633,8 миң сомго** резервдер жана бюджеттин жоготуулары, **27,7 миң сомго** рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттар аныкталган.

### *Айыл округдарынын бюджеттеринин аткарылышы*

2016-жылы Эсептөө палатасы тарабынан 310 айыл округуна аудит жүргүзүлгөн. Аныкталган каржы бузууларынын жалпы суммасы 82,7 млн. сомду түзгөн, анын ичинен, 78,9 млн. сом кайтарлууга тийиш. Отчеттук жылдын аягында бюджетке 54,6 млн. сом кайтарылган. Эсептөө палатасы тарабынан айыл округдарына жүргүзүлгөн аудиттердин жүрүшүндө жыл сайын аныкталган мүнөздүү бузуулар болуп, бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу, эмгек акыларды негизсиз төлөө, материалдык баалуулуктарды жана акча суммаларын негизсиз эсептен чыгаруу, дебитордук жана ашырылган насыялык каражаттарды эсепке алуу боюнча жашыруулар эсептелет.

Жүргүзүлгөн аудиттердин жүрүшүндө аныкталган резервдер жана бюджеттин жоготуусу 84,0 млн. сомду түзгөн, анын ичинен, 41,0 млн. сом кайтарлууга тийиш. 274,7 миң сом калыбына келтирилген. Жыл сайын, бюджеттин жоготууларынын аныкталган суммаларынан 50%га жакыны жерди ижарага пайдаланууга берүү жөнүндө жергиликтүү бийлик органдарынын чечимдеринин жоктугунан улам, пайда болгон жоготуулар түзөөрүн, белгилей кетүү керек.

Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын жалпы суммасы 19,2 млн. сомду түзгөн, анын ичинен, 1,6 млн. сом калыбына келтирилүүгө тийиш. Отчёттук мезгилдин аягында 809,9 миң сом калыбына келтирилген. Рационалдуу эмес пайдаланылган каражаттардын негизги бөлүгүн, пландалган максатына жетпестен, белгилүү бир иш-чараларга чыгымдалган каражаттар түзөт.

Жергиликтүү бюджеттердеги каражаттардын жетишпестигинин сбебептеринин бири болуп, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын “мени багат” деп отура берүүчүлүгү эсептелет, бул болсо, берилген трансферттер катары, республикалык бюджеттин кошумча чыгымдарына алып келет.

Алсак, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына биринчи кезекте теңдөөчү гранттарды корголгон беренелер жана коммуналдык кызматтар боюнча чыгымдарды каржылоого багыттоону белгилеген, “2015-жылга республикалык бюджет жана 2016-2017-жылдарга болжолдоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен, бюджеттин долбоорлорун даярдоодо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан, көмүр сатып алуу боюнча алынган каражаттар каралган эмес, же төмөндөтүлгөн өлчөмдө каралган.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитеттинин чечимине ылайык, Нарын жана Майлуу-Суу шаарларынын бюджеттеринен каржыланган мекемелер тарабынан керектелген жылуулук энергиясына төлөө боюнча республикалык бюджеттен 33,5 млн. сом бөлүнгөн, буга карабастан, бул маселе жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттемеси болуп эсептелет.

## 2.5 Жазма буйруктардын аткарылышынын толуктугун талдоо

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине ылайык, жүргүзүлгөн аудит аяктаганда жана анын жыйынтыктары Эсептөө палатасынын Кеңешинде же аймактык бөлүнүштөрдүн коллегияларында каралгандан кийин, аудит объекттерине “милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш болгон жазма буйрук” берилет.

Эсептөө палатасынын жазма буйругуна эреже катары төмөндөгүлөр киргизилет:


- бюджетке же ишканага калыбына келтирүүгө тиешелүү болгон каржы бузууларынын суммалары;

- аудит тарабынан аныкталган мамлекеттик каражаттарды чыгымдоодо кемчиликтерди четтетүү боюнча сунуштоолор;
- аудит тарабынан аныкталган укуктук-ченемдик актылардагы карама-каршылыктарды четтетүү боюнча сунуштар;
- ыйгарым укугуна мамлекеттик каражаттарды пайдалануу жана финансылык тартипти сактоо боюнча контролдоону камсыздоо маселеси кирген жооптуу адамдардын жоопкерчилигин кароо боюнча сунуштоолор;
- жазма буйруктун аткарылышы жөнүндө маалыматты берүү мөөнөтү.

2016-жылы жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча аудит объекттеринин даректерине жалпы **2 471,7 млн. сом** суммасындагы **1386 жазма буйруктар жана 57 сунуштар** жөнөтүлгөн, анын ичинен, **1 909,2 млн. сом** республикалык бюджетке кайтарылууга тийиш. 2015-жылы жалпы 1514,7 млн. сом суммасындагы 1333 жазма буйруктар жана 62 сунуштар жөнөтүлгөн, анын ичинен, 1000,2 млн. сом республикалык бюджетке кайтарылууга тийиш болгон.

Жазма буйруктардын аткаруунун толуктугуна жүргүзүлгөн талдоо, отчёттук мезгилдин аягында жөнөтүлгөн жазма буйруктардын жалпы санынын ичинен, 865 жазма буйруктар толугу менен, же жөнөтүлгөн жалпы суммадан 62,4 пайыз аткарылган, 294 жазма буйрук, же 21,2 пайыз жарым-жартылай аткарылган, 122 жазма буйрук боюнча аткаруу мөөнөтү баштала элек, 105 жазма буйрук аткарылбай калган.

*6-диаграмма.* ***2015-2016-жылдарга жазма буйруктардын аткарылышы***




Жазма буйруктардын аткаруунун жогорку пайызына карабастан, Эсептөө палатасы тарабынан көрүлгөн чаралар менен, кайтарылууга тиешелүү жалпы суммадан, 2016-жылдын аягында **1 606,0 млн. сом**, же 84 пайыз калыбына келтирилген. Кайтарылуунун орточо пайызы, аныкталган бузуулардын суммасын бюджетке кайтаруу боюнча мамлекеттик органга берилген жазма буйруктарды аткаруунун көпчүлүк учурунда, аныкталган каржы бузууларынын суммаларын бюджетке кайтарууга тиешелүү пункттар аткарылбастан кала берери жөнүндө күбөлөндүрөт.

Эсептөө палатасынын Кеңеши тарабынан аудит объектисинин жооптуу кызматтагы адамдарынын катышуусу менен, жазма буйруктардын аткарылышы боюнча маселелер дайыма каралат. Мындан сырткары, мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарды аудит объектиси тарабынан аткарылышы жөнүндө маалымат, объектке жүргүзүлгөн аудит жөнүндө отчёттун милдеттүү бөлүктөрүнүн бири болуп эсептелет. Мындан сырткары, ар бир жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча жазма буйруктардын аткарылышынын толуктугу жөнүндө маалымат, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жөнөтүлөт. Ушундай эле, ар бир жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен түзүлгөн келишимдин негизинде, Эсептөө

палатасы тарабынан республикалык бюджетке кайтарылган бузуулардын суммалары боюнча маалыматтарды салыштыруу жүргүзүлөт.

Бирок, Эсептөө палатасы тарабынан көрүлгөн чараларга карабастан, жүргүзүлгөн талдоодон улам, аныкталган бузуулардын суммаларын кайтаруу бөлүгүндө, аудит объекттеринин аткаруу тартиптери начар бойдон калууда. Көпчүлүк учурларда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жогору турган органдар тарабынан тиешелүү түрдө контролдоонун жоктугунан улам, аудит объекттеринин жетекчилерине бюджеттик каражаттарды натыйжасыз пайдалангандыгы үчүн жоопкерчиликтен качууга мүмкүнчүлүк берет. 2016-жылы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жүргүзгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча 19 адам ээлеген кызматынан бошотулган жана 86 адамга административдик жаза берилген.

Буга байланыштуу, Өкмөттүн Жогорку Кеңешке берүүчү жыл сайынкы отчётуна, Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын аткарылышы жөнүндө маселени киргизүү максатка ылайыктуу.

Мамлекеттик органдар тарабынан Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын өз учурунда жана толук аткаруу болуп, Эсептөө палатасынын ишинин натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүнүн бири болуп эсептелет. Мында, аудит объектилери тарабынан сунушталган сунуштардын сакталышы, мындан ары аныкталган бузуулардын суммаларын бир кыйла кыскартууга, кызматтагы адамдардын жоопкерчилигин жогорулатууга, коррупциялык тобокелдиктерди төмөндөтүүгө мүмкүндүк берет.

## 3. Эсептөө палатасынын бийлик органдары, мамлекеттик органдар, уюмдар жана коомчулук менен өз ара аракеттенишүүсү, эл аралык кызматташуусу

### 3.1. Эсептөө палатасынын бийлик органдары жана башка мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенишүүсү

"Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Эсептөө палатасы мамлекеттик аудиттин көз карандысыз жогорку органы болуп эсептелет, Кыргыз Республикасынын Президентине жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине отчёт берет. Буга байланыштуу пайда болгон милдеттемелер, Эсептөө палатасынын жетекчилиги жана аудиторлору тарабынан өзгөчө көңүл буруу предмети болуп эсептелет.

Отчёттук жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппараты менен өз ара аракеттенишүү төмөндөгү багыттар боюнча жүргөн:

- Аудитордук иш-чараларды жүргүзүү бөлүгүндө, келип түшкөн тапшырмаларды аткаруу;
- Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча маалымат берүү;
- Эсептөө палатасынын жетекчилиги жана аудиторлору пленардык жана башка отурумдарга жана талкууларга катышуусу.

Алсак, 2016-жыл ичинде Эсептөө палатасынын дарегине, ар кандай маалыматтарды берүү боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынан 37 кат келген, анын ичинен КМШ кызматташуу алкагында текшерүү жүргүзүү үчүн адис бөлүү жөнүндө 1 тапшырма болгон. Келип түшкөн суроо-талаптардын бардыгы тең толугу менен канааттандырылган, алар боюнча тиешелүү маалыматтар даярдалган жана жөнөтүлгөн. Өз кезегинде, Эсептөө палатасы тарабынан жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына 7 отчёт жана маалыматтар жөнөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен 127 кат келип түшкөн, анын ичинен, жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча актыларды, отчёттордү берүү жөнүндө 42 суроо-талап, аудит жүргүзүү жөнүндө 15 тапшырма, отурумдарга жана талкууларга жана башкаларга катышууга 54 чакыруу. Отчёттук мезгилдин аягында тапшырмалар аткарылып, суроо-талаптар канааттандырылган, жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча тиешелүү маалыматтар даярдалган жана жөнөтүлгөн.

Мындан сырткары, жыл ичинде Эсептөө палатасынын демилгеси менен, Эсептөө палатасынын Кеңеши кабыл алган токтомдордун негизинде, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин дарегине жүргүзүлгөн аудиттер жөнүндө 36 отчёт жөнөтүлгөн.

2015-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын отчёту каралгандан кийин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан тиешелүү токтом (16.06.2016-жылдагы №743-VI) кабыл алынган, аны аткаруу максатында Эсептөө палатасы тарабынан мөөнөтүн жана жоопту аткаруучуларды көрсөтүү менен, бул токтомду аткаруу боюнча Иш чаралар планы иштелип чыккан жана бекитилген.

Үстүбүздөгү жылдын башында жогоруда аталган План толугу менен аткарылган. Алсак, токтомго ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасына керектүү документтерди жана маалыматтарды өз убагында берүүдөн баш тарткандыгы, ошондой эле анын жазма буйруктары аткарылбагандыгы үчүн, жооптуу адамдардын административдик жана жазык жоопкерчилигин күчөтүү боюнча Кыргыз Республикасынын

мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча сунуштарды киргизүү, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексин ишке ашыруу боюнча мыйзамдуу актыларды экспертизадан өткөрүүгө катышуу, ички ченемдик актыларды Бюджеттик кодекстин ченемдерине ылайык инвентаризациялоо жүргүзүү жана "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жаңы редакциясына кодекстин тиешелүү ченемдерин көрсөтүү боюнча Эсептөө палатасына тапшырма берилген. Эсептөө палатасы тарабынан бул багытта тиешелүү иштер жүргүзүлгөн. Жогоруда көрсөтүлгөн өзгөртүүлөр даярдалып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилген. Бюджеттик кодекстин ченемдерине ылайык, колдонуудагы ички ченемдик актыларга өзгөртүү киргизүү боюнча иштер жүрүүдө.

Мындан сырткары, Эсептөө палатасына эксперттин катышуусу менен, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан түзүлгөн жумушчу тобу менен биргелешип, Эсептөө палатасынын иши жөнүндө Эсептөө палатасынын төрагасынын отчётунун форматын иштеп чыгуу керек. Бул тапшырманы аткаруу максатында, эксперт менен бир катар жолугушуулар өткөрүлгөн.

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча Эсептөө палатасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө 14 сунуш жөнөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жөнөтүлгөн Эсептөө палатасынын сунуштары, эреже катары, коллизияларды четтетүү, мамлекеттик башкаруу механизмдерин жашыртуу боюнча, тигил же бул чөйрөдө бир катар ченемдик-укуктук актыларды кабыл алуу, бюджеттик-финансылык чөйрөдө жол-жоболорду жакшыртуу, министрликтер менен ведомстволордун ишине контролду күчөтүү жана аналитикалык мүнөздөгү административдик таасир берүү чараларын камтуу менен, финансылык тартипти чыңдоо жаатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан мөөнөттүү административдик-чарбалык чараларды кабыл алуу боюнча жеткире иштеп чыгууга жөнөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Эсептөө палатасынын жазма буйруктарына талаптагыдай көңүл бурбагандыгын, белгилей кетүү керек, буга байланыштуу, сунуштардын толук аткарылышын анчалык жакшы деп айтууга болбойт. Алсак, отчёттук мезгилдин аягында 14 сунуштун ичинен 1 сунуш толугу менен аткарылган, 8 сунуш аткарылган эмес, 5 сунуш аткаруу баскычында турат.

## 3.2 Укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүү

Отчёттук мезгилде "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында бекитилген функцияларды жана ыйгарым укуктарды эске алуу менен, ошондой эле мамлекеттик менчикти пайдалануу процессинде мыйзам талаптарынын аткарылышын камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы менен укук коргоо органдарынын өз ара аракеттенишүүсүн уюштуруу боюнча иштер улантылды.

Эсептөө палатасы тарабынан аныкталган, финансылык-бюджеттик чөйрөдөгү мыйзам бузууларды четтетүү жаатында укук коргоо органдары менен активдүү өз аракеттенишүү сакталууда. Бирок, козголгон жазык иштеринин саны кыскарууда. Бир тараптан алганда – бул факт, биздин пикирибиз боюнча, укук коргоо органдарынын активдүүлүгүнүн начардыгын эмес, тескерисинче ири бузуулардын кыскарышын көрсөтөт, алар боюнча жазык жоопкерчилиги пайда болот.

Экинчи тараптан – аныкталган каржы бузуулары боюнча негизделген материалдарды жөнөтүү бөлүгүндө, аудитордук иш чараларды жакшыртуу боюнча ишти

кайрадан кароо зарылдыгын көрсөтөт, бул жерде укук коргоо органдарынын кийлигишүүсү зарыл.

Укук коргоо органдары менен өз ара аракеттенишүүнүн максаты, аныктоо гана болбостон, мамлекеттик бюджеттин жоготуусун ыкчам ордуна коюуну, колдонуудагы мыйзам талаптарын бузууну токтотууну, эскертүүнү эске алуу менен, Эсептөө палатасы тиешелүү сунуштар жана сунуштамаларды иштеп чыгуу жолу менен, мамлекеттик ресурстарды башкаруунун бүтүндөй тутумун жакшыртуу боюнча иштерди улантууда.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин жана аймактык бөлүнүштөрүнүн коллегияларынын чечимдерине ылайык, аудитордук иш чаралардын жыйынтыктары боюнча тиешелүү түрдө кароо үчүн, укук коргоо органдарына 2016-жылы 130,3 млн. сом суммасында аудиттин 63 материалы жөнөтүлгөн, анын ичинен:

- прокуратура органдарына - 61,3 млн. сом суммасындагы аудиттин 28 материалы;
- КР УКМКга - 25,8 млн. сом суммасындагы аудиттин 15 материалы;
- КРӨгө караштуу ЭККМКга - 30,7 млн. сом суммасындагы аудиттин 16 материалы;
- ички иштер органдарына - 12,5 млн. сом суммасындагы аудиттин 4 материалы.

2015-жылы аудиттердин жүрүшүндө аныкталган бузуулар боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан укук коргоо органдарына тиешелүү түрдө кароо үчүн, жалпы 444,0 млн млн. сом суммасындагы 82 материал берилген.

Укук коргоо органдарынын маалыматтары боюнча, 2016-жылы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын демилгеси менен берилген аудиттин материалдарын кароонун жыйынтыгында 24 жазык иши козголгон, анын ичинен:

✓ 32,9 млн. сом суммасындагы аудиттин 14 материалы боюнча тергөө жүрүүдө;

✓ 11,5 млн. сом суммасындагы аудиттин 6 материалы боюнча жазык иши сотко жөнөтүлгөн, анын ичинен аудиттин 1 материалы боюнча 1,3 млн. сом суммасында айыптоо өкүмү чыккан.

✓ 21,2 млн. сом суммасындагы аудиттин 4 материалы боюнча тергөө токтоп турат.

Аудиттин калган 39 материалы боюнча:

✓ 8,5 млн. сом суммасындагы аудиттин 11 материалы боюнча укук коргоо органдары тарабынан текшерүү иш чаралары жүргүзүлүүдө;

✓ 0,3 млн. сом суммасындагы аудиттин 5 материалы боюнча прокурордук чара көрүү актылары чыгарылган;

✓ 44,9 млн. сом суммасындагы аудиттин 18 материалы боюнча жазык ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө чечимдер кабыл алынган;

✓ Жазык-жазалоо жосундарынын белгилери жана негиздери жоктугуна байланыштуу, аудиттин 1 материалы кайра берилген;

✓ 2,8 млн. сом суммасындагы аудиттин 3 материалы бир укук коргоо органынан экинчисине кайрадан жөнөтүлгөн;

✓ 8,2 млн. сом суммасындагы аудиттин 1 материалы боюнча маалымат эске алынган.

2015-жылы Эсептөө палатасынын демилгеси менен берилген аудит материалдарынын ичинен, жазык ишинин алкагында 42 материал каралгандыгын, белгилей кетүү керек.

2016-жылдын январында Эсептөө палатасы тарабынан 2014-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчёт Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына жөнөтүлгөн, материалдарды кароо жыйынтыгы боюнча Премьер-министрдин атына сунуштама киргизилген.

2014-жылга “Чыгыш электр” ААКсынын ишине жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, Эсептөө палатасы тарабынан Кыргыз Республикасынын

Мамлекеттик улуттук коопсуздук комитетинин Коррупцияга каршы кызматына аудит жөнүндө отчёт жөнөтүлгөн, ал Ысык-Көл областы боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экономикалык кылмыштуулук менен күрөшүү боюнча мамлекеттик кызматынын тергөө башкармалыгы тарабынан териштирилип жаткан жана Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 221-беренесинин 1,3-бөлүгү боюнча козголгон, жазык ишинин материалдарына тиркелген.

Ноокат районунун Т. Кулатов атындагы айыл өкмөтүндө 2624, 2 миң сомго курулуш-куроо иштерин ашыруу аныкталган, аудиттин материалдары №082-15-027 жазык ишинин материалдарына тиркелген.

Жалал-Абад областтык китепканасында бюджеттик жана атайын каражаттардын максатсыз пайдаланылышы фактысы боюнча, 502,4 миң сом суммасында эмгек акыларды негизсиз төлөө аныкталып, Жалал-Абад областтык прокуратурасы тарабынан №172-16-53 жазык иши козголуп, иш сотко жөнөтүлгөн, учурда кароо баскычында турат.

Токтогул районунун Торкен айыл аймагында 2016,9 миң сом суммасында дебитордук карызды эсепке алуу ттуралуу жашыруу фактысы боюнча, Жалал-Абад областынын ЭККМК башкармалыгы тарабынан №282-16-0019 жазык иши козголгон.

Чүй айыл аймагына жүргүзүлгөн аудиттин жүрүшүндө 2786,9 миң сом өлчөмүндө «Чебер-Сервис» ЖЧКсына негизсиз акча каражаттарын которуу аныкталып, №150-16-89 жазык иши козголгон, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан териштирүү иштери жүрүп жатат.

Пландуу жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, «Айкол-Строй» ЖЧКсы тарабынан “Дордой” жаңы конушундагы жалпы билим берүү мектебинин курулушунда аткарылган иштердин наркы 19643,3 миң сом өлчөмүндө ашырылгандыгы аныкталган. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан №150-16-68 жазык иши козголуп, териштирүү жүргүзүлүүдө.

Бишкек шаарынын саламаттык сактоо департаментинин автобазасында 738,4 миң сом өлчөмүндөгү бюджеттик каражаттардын негизсиз төлөнүшү аныкталып, №155-16-968 жазык иши козголгон жана автобазанын башкы инженери А. Аймановго айып коюлуп, кароо үчүн иш сотко жөнөтүлгөн.

Ошондой эле, укук коргоо органдарынын 384 суроо-талап (токтомдор) келип түшкөн. Өз ара аракеттенишүү жөнүндө макулдашууга ылайык, суроо-талаптар боюнча жалпы 556,6 млн. сом суммасында 291 аудит жүргүзүлгөн (анын ичинде укук коргоо органдарына аудит материалдары берилген), анын ичинде, төмөндөгүлөргө берилген:

- прокуратура органдарына - 340,6 млн. сомго аудиттин 143 материалы;
- КР УКМКга - 105,7 млн. сомго аудиттин 73 материалы;
- КРӨ караштуу ЭККМКга - 90,9 млн. сомго аудиттин 52 материалы;
- ички иштер органдарына - 19,4 млн. сомго аудиттин 23 материалы.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын компетенциясына кирбеген аудиттерге уруксат берүү маселелери негизсиз коюлгандыгына байланыштуу, аудитордук иш чараларды өткөрүү боюнча укук коргоо органдарынын 93 суроо-талаптарынан баш тартылган.

## 3.3. Коомчулук менен байланышуу иштери

Жүргүзүлгөн аудитордук иш-чаралардын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында колдонулган, Эсептөө палатасынын ишин уюштуруунун маанилүү аспаптарынын бири болуп, жарандык коом менен Эсептөө палатасынын өз ара аракеттенишүүсү эсептелет. Алардын суроо-талаптарына көңүл буруу, ошондой эле өзүнүн ишинин жыйынтыгы жөнүндө коомчулукка дайыма маалымат берүү менен,

Эсептөө палатасы жарандык сектор алдында ачыктык жана айкындуулук саясатын активдүү түрдө алга жылдырууда.

Алсак, Эсептөө палатасы тарабынан жарандардын 78 кайрылуусу катталган жана каралган. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасына келип түшкөн жарандардын кайрылуулары, “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык каралат.

Отчёттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча, бардык кайрылуулар толугу менен канааттандырылган, адресаттарга тиешелүү маалыматтар даярдалган жана жөнөтүлгөн. Кайрылууларда келтирилген бюджеттик мыйзамдын бузууларынын фактылары кошумча текшерүү жүргүзүлгөндөн кийин, аудитордук иш-чараларды пландоодо, ошондой эле аудит программасын түзүүдө түздөн түз колдонулат.

Жарандардан келип түшкөн кайрылууларды талдоо, бүгүнкү күнү кайрылуулардын көпчүлүгү жеке мүнөздө болгондуктан, тигил же бул төлөмдөрдүн кошуп эсептелишинин тууралыгын жана мыйзамдуулугуна тиешелүүлүгүн көрсөттү. Кайрылууларда тигил же бул уюмдун финансылык ишиндеги бузуулардын конкреттүү фактыларын көрсөтүү орун алган. Көрсөтүлгөн фактылар жөнүндө маалыматтар, милдеттүү түрдө аудитордук иш чараларды жүргүзүүдө эске алынат. Ошондой эле, Эсептөө палатасынын максаттары жана милдеттери, мамлекеттик башкаруу тутумундагы анын ролу жөнүндө коомчулукка маалымдоо боюнча, Эсептөө палатасы ишти күчөтүшү керек.

Буга байланыштуу, тышкы колдонуучулар менен коммуникациянын натыйжалуу тутумун түзүү боюнча милдеттер, 2016-2020-жылдарга Эсептөө палатасынын өнүгүүсүнүн стратегиялык планына киргизилген, анын алкагында мекеменин Коммуникациялык стратегиясы иштелип чыккан.

2016-жылы Эсептөө палатасынын ишинин транспаренттүүлүгү, маалыматты жайылтуунун адаттагыдай эле ыкмасы менен камсыздалган. Расмий веб-сайтта пресс-релиздер, Эсептөө палатасынын иши жөнүндө маалыматтык билдирүүлөр жана мамлекеттик жана коммерциялык купуя сырды камтыбаган жана көрсөтпөгөн, аудитордук иш чаралардын жыйынтыктары дайыма жарыяланып турду.

Мындан сырткары, Эсептөө палатасынын жетекчилиги жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү менен үзгүлтүксүз жолугушууларды өткөрүп, теле жана радио аңгемелешүүлөргө катышып турат. Мезгилдин талаптарын эске алуу менен, Эсептөө палатасы ошондой эле жарандык коом жана жалпыга маалымдоо каражаттары менен өз ара аракеттенишүүнүн жаңы форматтарын колдойт. 2015-жылдан баштап, Эсептөө палатасы Twitter жана Facebook – социалдык тармактарында чыгууда. Өткөн жылы Эсептөө палатасынын расмий аккаунтуна жазылган интернет-аудитория көбөйгөн. Жарандардын кайрылуулары жана алардын ыңгайлуулуктары үчүн, төраганын WhatsApp-номери ачылган, ошондой эле мекемеде “ишеним телефону” үзгүлтүксүз иштейт.

Отчёттук жылы Эсептөө палатасынын аудитордук жана башка ишинин жыйынтыктары боюнча 60ка жакын пресс-релиз жарыяланган. Жогоруда аталган пресс-релиздердин, ошондой эле парламенттин отурумдарында жана башка иш чараларда жетекчиликтин чыгып сүйлөгөндөрүнүн негизинде, республикалык жалпыга маалымдоо каражаттары Эсептөө палатасынын ишине тиешелүү 650гө жакын материалды жарыялаган.

2016-жылы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын түзүлгөндүгүнүн 20 жылдык юбилейи белгиленген. Бул датага карата Эсептөө палатасынын иши жөнүндө макалалар даярдалып, мекеменин тарыхына жана анын өнүгүүсүнө арналган маарекелик китеп чыгарылган. Ошондой эле, “Эсептөө палатасы: кечээ, бүгүн жана эртең” аттуу көчмө көргөзмөсү уюштурулган.

## 3.4. Эл аралык кызматташуу

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы:

- БУУнун мүчөлөрү болгон дүйнө өлкөлөрүнүн аудиттин жогорку органдарынын эл аралык уюмунун (INTOSAI);
- Аудиттин жогорку органдарынын Азиялык уюмунун (ASOSAI), INTOSAIнин регионалдык топчосунун;
- Экономикалык кызматташуу өлкөлөрүн бириктирген жогорку аудитордук мекемелердин эл аралык уюмунун башкармалыгынын (ECOSAI);
- Көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин мүчө өлкөлөрүнүн финансылык контролдоонун жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин (КМШ ФКЖО);
- Шанхай кызматташуу уюмунун мүчө өлкөлөрүнүн финансылык контролдоонун жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин (ШКУ ФКЖО) мүчөсү болуп эсептелет.

### INTOSAI, ASOSAI, ECOSAI алкагында кызматташуу

2016-жылы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы Бириккен Араб Эмиратынын Абу-Даби шаарында өткөн Финансылык контролдоонун жогорку органдарынын XXI эл аралык конгрессине катышкан. Бул конгресстин жүрүшүндө 2030-жылга чейин туруктуу өнүгүү жаатында БУУнун ишине INTOSAIнин салымы маселеси талкууланган, анын ичинен, коррупция менен күрөшүүнү күчөтүү жана талаптагыдай башкаруу, профессионалдаштыруу жана INTOSAIге карата ишенимди жогорулатуу маселелери.

Ошондой эле, отчёттук жылы Азербайжандын Баку шаарында мамлекеттик сатып алууларга контракттык аудит боюнча INTOSAIнин Атайын тобунун 3-отуруму болгон. Отурумга Азербайджан, Белоруссия, Замбия, Кытай, Кыргызстан, Португалия, Россия жана Словения өлкөлөрүнүн ичинен, аудиттин (контролдоонун) жогорку органдарынын 24 өкүлү катышкан. 3-отурумдун жыйынтыгы боюнча бул топ тарабынан, эл аралык Практикалык колдонмо жактырылган.

ECOSAI кызматташуу алкагында, Эсептөө палатасы Пакистандын Исламабад шаарында өткөн ECOSAIнин аудит жана финансылык очеттуулукка аудит боюнча комитеттин мүчөлөрүнүн жолугушуусуна катышкан.

2016-жылдын ноябрында Кытайдын Нанкин шаарында ASOSAI тарабынан уюштурулган жана каржыланган “Натыйжалуулук аудити” семинары өтүп, ага Эсептөө палатасынын кызматкери катышкан.

Ошондой эле, 2016-жылдын январында Эсептөө палатасынын өкүлү Пакистандын Лахор шаарында өткөн натыйжалуулук аудитине окутуу боюнча 97-эл аралык программага катышкан.

### КМШ ФКЖО алкагында кызматташуу

2016-жылдын июнунда Белоруссиянын Минск шаарында КМШ мүчө өлкөлөрүнүн финансылык контролдоонун жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин XVI сессиясы болгон. Бул сессиянын ишине жетекчилери Кеңештин мүчөсү болуп эсептелген сегиз өлкөнүн – Азербайжандын, Арменияынын, Белоруссиянын, Казакстандын, Кыргызстандын, Молдованын, Россиянын жана Тажикстандын финансылык контролдоонун жогорку органдарынын делегациясы катышкан.

Сессиянын жүрүшүндө Кеңештин мүчөлөрү, экономикалык коопсуздукту камсыздоодо финансылык контролдоонун жогорку органдарынын ролун жана бул көйгөйгө карата заманбап мамилелерди, болуп жаткан өзгөрүүлөргө карата адаптациялануу мүмкүнчүлүктөрүн жана жаңы келечектерди талкуулашкан.

Сессиянын жыйынтыгы боюнча КМШ мүчө өлкөлөрүнүн финансылык контролдоонун жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин XVI сессиясынын Резолюциясы жана Чечими кабыл алынган. Сессияда ошондой эле тажрыйба алмашуу боюнча семинарларды, контролдук иш чараларды жана Эксперттик жана жумушчу тобунун отурумдарын кезектеги отчёттук мезгилде өткөрүүнү караган, Кеңештин иш планы бекитилген.

2016-жылдын апрелинде Тажикстандын Дүйшөмбү шаарында КМШ мүчө өлкөлөрүнүн финансылык контролдоонун жогорку органдары үчүн, мамлекеттик финансылык контролдоонун стандарттарын иштеп чыгуу боюнча Жумушчу тобунун VIII отуруму өткөн. Отурумдун жүрүшүндө 2016-2017-жылдарга Жумушчу тобунун иш планынын долбоору, мамлекеттик финансылык контролдоонун стандарттарында колдонулуучу терминдердин Глоссарийин актуалдаштыруу концепциясы, “КМШ мүчө өлкөлөрүнүн финансылык контролдоонун жогорку органдарынын кызматкерлери үчүн, жүрүш-туруштун этикалык талаптары, принциптери жана ченемдери” стандартынын долбоорунун түзүмү талкууланган.

Отурумдун жыйынтыгы боюнча 2016-2017-жылдарга Жумушчу тобунун иш планы бекитилген, жогоруда көрсөтүлгөн документтердин долбоорлору жактырылган.

2016-жылдын майында Бишкек шаарында Негизги улуттук көрсөткүчтөр боюнча эксперттик топтун IX отуруму болуп, анын жүрүшүндө катышуучулар акыркы жылдардагы Эксперттик топтун ишинин жыйынтыктары жөнүндө отчётту карашкан, ФКЖО ишинде негизги улуттук көрсөткүчтөрдү колдонуу боюнча методикалык сунуштарды түзүүнү, 2013-2015-жылдарга карата Эксперттик топтун изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын талкуулашкан. Ошондой эле, негизги улуттук көрсөткүчтөр боюнча билимдер базасынын иштеши жана аны андан ары толтуруу жөнүндө маселе да талкууланган.

## ШКУ ФКЖО алкагында кызматташуу

2016-жылдын майында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасы, Казакстандын Астана шаарында өткөн Шанхай кызматташуу уюмунун мүчө өлкөлөрүнүн финансылык контролдоонун жогорку органдарынын жетекчилеринин Кеңешинин 3-жолугушуусуна катышкан.

Жолугушууга Кытай, Кыргызстан, Казакстан, Россия, Тажикстан, Өзбекстан өлкөлөрүнүн финансылык контролдоонун жогорку органдарынын жетекчилери жана өкүлдөрү катышышкан. Бул жолугушууда Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан Шанхай кызматташуу уюмунун мүчө өлкөлөрүнүн саламаттык сактоо чөйрөсүндө бирдей натыйжалуулук аудитин жүргүзүү жөнүндө демилге көтөрүлүп, ал Шанхай кызматташуу уюмунун мүчө өлкөлөрүнүн финансылык контролдоонун жогорку органдарынын жетекчилери тарабынан бир добуштан колдоого алынган.

Жолугушуунун жыйынтыгы боюнча 2016-2017-жылдарга Шанхай кызматташуу уюмунун мүчө өлкөлөрүнүн финансылык контролдоонун жогорку органдарынын кызматташуу алкагында иш чаралар планы бекитилген, Шанхай кызматташуу уюмунун мүчө өлкөлөрү өз ара аракеттенишүүнү чыңдоо жана андан ары тереңдетүү жөнүндө Биргелешкен кайрылуу жана жолугушуунун протоколу кабыл алынган.

2016-жылдын октябрында Казакстандын Астана шаарында “Мүчө өлкөлөрдүн финансылык контролдоонун (аудиттин) жогорку органдары, байкоочулар жана

өнөктөштөр тарабынан ШКУ диалогу боюнча мамлекеттик аудиторлорду сертификациялоо тажрыйбасын жайылтуу” семинары уюштурулган.

**Эки тараптуу мамиле**

2016-жылдын майында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасына курамында 10 судья турган, Түрк Эсептөө Сотунун делегациясы таанышуу иш сапары менен келген. Тараптар жолугушуунун жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жалпы иштөө жана уюштуруу түзүмү маселелери, аудит процесстери, аудиттин түрлөрү жана отчёттуулук процесси, отчёттордун жана башкалардын натыйжалары (таасири, жыйынтыктары) талкууланган.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкери Түркиянын Анкара шаарында өткөн, Түрк Эсептөө Соту тарабынан уюштурулган маалыматтык технологияларга аудит жүргүзүү боюнча тренингге катышкан.

2016-жылдын сентябрында аудиттин эл аралык стандарттарын колдонуу жаатында тажрыйба алмашуу үчүн, Латвия Республикасынын Башкы аудитору жумушчу иш сапары менен Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасына келген.

2016-жылдын октябрында Дүйнөлүк банктын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын потенциалын күчөтүү” долбоорунун алкагында, Литва Республикасынын Мамлекеттик контролунун делегациясы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасына таанышуу иш сапары менен келген. Жумушчу иш сапарынын алкагында Кыргызстан менен Литванын өкүлдөрү стратегиялык пландоо, аудит программаларын иштеп чыгуу, аудиттин эл аралык стандарттарын жайылтуу, адам ресурстарын башкаруу жана эки өлкөнүн контролдоо органдарынын жана башка артыкчылыктуу багыттары жаатында талкуулашты жана тажрыйба алмашышты. Ошондой эле, жолугушуунун жүрүшүндө тараптар Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жана Литва Республикасынын Мамлекеттик контролунун иши жөнүндө маалымат алмашышты жана эки тараптуу кызматташуунун негизги багыттарын талкуулашты.

Мындан сырткары, 2016-жылдын октябрында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкери Кореянын Сеул шаарында өткөн “Аудитордук текшерүүнү натыйжалуулугун жана аудиттин жыйынтыктарынын иштиктүүлүгүн (натыйжалуулугун) камсыз кылуу” семинарына катышкан. Бул семинар аудит боюнча Кеңеш жана Корея Республикасынын инспекциясы арабынан уюштурулган жана финансылык контролдоо органдарынын аудиттеринин натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган.

## 4. Эсептөө палатасынын ишин камсыз кылуу

### 4.1. Финансылык камсыздоо

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын каржылык иши Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 16.05.2011-жылдагы №224 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерде бухгалтердик эсепти уюштуруу боюнча" Жобого ылайык жүзөгө ашырылат.

2016-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын чыгымдар сметасынын аткарылышы боюнча маалыматтар төмөндөгү таблицада берилген:

*6-таблица.* ***2016-жылга чыгымдар сметасынын аткарылышы, млн сомдо***

| Көрсөткүч-түрдүн аталышы | 2016-жылга бекитилген смета | 2016-жылга такталган смета | Ачык каржылоо | Кассалык чыгымдар |
|---|---|---|---|---|
| Бюджет* | 215,0 | 227,5 | 225,6 | 225,6 |
| Фонд** | 26,8 | 26,0 | 25,9 | 25,9 |
| **Бардыгы:** | **241,8** | **253,5** | **251,5** | **251,5** |

* *Кыргыз Республикасы Эсептөө палатасынын санын кармоого республикалык бюджеттен каржылоо*

** *материалдык-техникалык базаны чыңдоо, кызматкерлердин жигерин жогорулатуу жана аудитордук иштин жогорку көрсөткүчтөрүнө түрткү берүү Фондун каржылоо*

2016-жылдын 22-декабрындагы №241 "2016-жылга республикалык бюджет жана 2017-2018-жылдарга болжолдоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, аудит объектилерин толук камтуу жана ЕАЭБ алкагында биргелешкен контролдук иш-чараларды өткөрүү максатында, баштапкы бекитилген смета "кызматтык барып-келүүлөргө чыгымдар" беренеси боюнча көбөйтүлгөн.

Фонд Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жана анын аймактык бөлүнүштөрүнүн материалдык-техникалык базасын чыңдоо, кызматкерлердин жигерин жогорулатуу жана аудитордук иштин жогорку көрсөткүчтөрүнө түрткү берүү максатында түзүлгөн.

2016-жылга чыгымдар сметасында каралган бардык иш чаралар, толук көлөмдө каржылоо менен камсыздалган. Отчёттук мезгилде 03.04.2015-жылдагы №72 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык, электрондук портал аркылуу товарларды, кызматтарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жүзөгө ашырылган. Бардыгы болуп, 36 конкурс өткөрүлгөн, анын ичинен, борбордук аппаратта 23 жана аймактык бөлүнүштөрдө 13.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы менен «Марка Аудит Бишкек» ЖЧКсынын (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 25.06.2015-жылдагы №5326-V токтому менен «Марка Аудит Бишкек» ЖЧКсы 2014-2016-жылдарга Эсептөө палатасынын топтолгон финансылык отчеттуулугуна аудит жүргүзүү үчүн дайындалган) ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык, 2016-жылы көз карандысыз аудитор тарабынан 2015-жылга жана 2016-жылдын 9 айы аралыгындагы мезгилге карата Эсептөө палатасынын финансылык отчеттуулугуна аудит жүргүзүлгөн.

Бекитилген техникалык тапшырмага ылайык, аудитордук компаниянын алдында Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын топтолгон финансылык отчеттулугуна көз карандысыз аудитордук текшерүүнү жүзөгө ашыруу милдети коюлган.

Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык, 2016-жылдын 20-октябрынан тартып 2016-жылдын 20-ноябрына чейин аудит жүргүзүлгөн. Эсептөө палатасынын финансылык


отчеттуулугуна жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча, «Марка Аудит Бишкек» аудитордук компаниясы тарабынан, жетекчиликке 2015-жылга аудитордук отчёт жана 2016-жылдын 9 айы аралыгындагы текшерилген финансылык отчеттуулукка карата өз пикирин билдирген кат берилген.

Аудитордук отчётто көз карандысыз аудитор тарабынан, топтолгон финансылык отчеттуулук 2015-жылдын 31-декабрына карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын финансылык абалын, бардык болгон аспекттерин туура көрсөткөн жана көрсөтүлгөн датада аяктаган жылдарга карата бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышынын жыйынтыктары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 16.05.2011-жылдагы №224 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерде бухгалтердик эсепти уюштуруу боюнча” Жобого ылайык көрсөтүлгөн деген пикир айтылган.

Ошондой эле, 2017-жылдын апрелинде 2016-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын финансылык отчеттуулугуна аудит жүргүзүлгөн (2014-2016 жылдардын аудити боюнча корутундулар тиркелет).

## 4.2. Кадрдык камсыздоо


2016-жылы Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын штаттык саны 206 бирдигин түзүп, анын ичинен, факты жүзүндө 197 бирдик өз ордунда иштеп турган.




Техникалык жана тейлөөчү персонал 86 бирдикти түзөт.

Баардык мамлекеттик кызматчылар жогорку билимге ээ, алардын ичинен 18,9 пайызы эки же андан ашык билимге ээ. Гендердик курамы боюнча мамлекеттик кызматчылардын 74,6 пайызын эркектер, 25,4 пайызын аялдар түзөт. Негизинен, Эсептөө палатасынын сапаттуу курамы төмөндөгүдөй маалыматтар менен берилген:

*8-диаграмма.* ***2016-жылдагы мамлекеттик кызматкерлердин сапаттуу курамы***



Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мамлекеттик административдик кызматына дайындоо конкурстук негизде дайындалат жана “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” жана “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары менен белгиленген талаптарга ылайык, ротациялоо тартибинде жүргүзүлөт.

2016-жылы Эсептөө палатасынын административдик мамлекеттик бош кызмат ордун ээлөө боюнча 7 конкурс өткөрүлгөн. Анын жыйынтыгы боюнча 6 талапкер дайындалган. Конкурс 4 этапты өткөрүлгөн: негизги жана предметтик тесттер боюнча компьютердик тестирлөө, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматында полиграфта тестирлөө (полиграфта тестирлөөгө тиешелүү мамлекеттик кызматтардын тизмесине ылайык), практикалык тапшырмаларды чыгаруу жана талапкер менен конкурстук комиссиянын аңгемелешүүсү. Өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыктары боюнча, 5 адам мамлекеттик административдик кызматка дайындалышкан.

Эсептөө палатасынын мамлекеттик кызматынын кадрларынын ички резервинде 6 мамлекеттик кызматчы турат.

Отчёттук жыл ичинде Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен – 6 кызматкер; “Даңк” медалы менен – 1 кызматкер; Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы менен – 4 кызматкер; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана анын аппаратынын сыйлыктары менен – 9 кызматкер сыйланышкан. Мындан сырткары, ички ведомстволук сыйлыктар менен 17 кызматкер сыйланган. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 45 кызматкери Кыргыз Республикасынын жана башка министрликтеринин жана ведомстволорунун сыйлыктары менен сыйланган.

Отчёттук жыл ичинде 5 кызматкерге тартип жазасы берилген, 20 адам бошотулган, анын ичинен 11 административдик мамлекеттик кызматчы.

Адам ресурстарын башкаруу тутумун өнүктүрүүнүн маанилүү кадамы болуп, 2016-жылдын сентябрында 2016-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын адам ресурстарын өнүктүрүү стратегиясын (мындан ары – АРӨС) кабыл алуу болуп калды. Стратегиянын негизги максаты болуп, персоналдарды алуу жана кармоо, кызматкерлердин ишинин жыйынтыктарын баалоо тутумун түзүү, инсандыкты өнүктүрүүгө жана бүтүндөй уюштурууга жардам көрсөтүүчү, жетишээрлик жана талаптагыдай окутууну камсыздоо эсептелет.

“Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынышы менен, бул Стратегияны ишке ашыруу алкагында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мамлекеттик кызматчыларынын ишине баалоо жүргүзүү тартиби жөнүндө Жобо бекитилген, ал 2016-жылдын аягында колдонууга киргизилген. Квартал сайын жүргүзүлгөн баалоо, кызматкерлердин кызматтык милдеттеринин толук жана натыйжалуу аткаруу деңгээлин аныктайт, ошондой эле квалификациясын жогорулатуу талабын аныктайт.

2016-жылдын мартынан баштап, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын түзүмүн оптималдоо боюнча иш чаралар өткөрүлгөн, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы комитетинин 2016-жылдын 27-июнундагы макулдугу менен, Эсептөө палатасынын жаңы уюштурулган түзүмү бекитилген. Жаңы түзүмдүн негизги максаты болуп, тармактык принциптер боюнча иш багытын аныктоо эсептелет. Аудитордук иш чараларды жүргүзүүдө мындай мамиле, экономиканын тигил же бул тармагында болгон көйгөйлөрдү абдан кылдат изилдөөгө жардам берет, тутумдуу бузууларды аныктоого мүмкүндүк берет. Жаңы түзүм боюнча иштөө, аудит жүргүзгөн аудиторлордун жана инспекторлордун жоопкерчилигин жогорулатат, бул болсо, өз кезегинде жүргүзүлгөн аудиттердин сапатын жана кызматкерлердин потенциалын жогорулатууга алып келет.

2016-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын кызматкерлерин окутуу планына ылайык, отчёттук жылы мамлекеттик башкаруу, 1С маалыматтык тутумунда иштөө, Эсептөө палатасы тарабынан иштелип чыккан методикаларды практикалык жактан колдонуу жана башкаларды камтуу менен, ар кандай тематикаларда бир катар окутуу семинарлары жана тренингдер өткөрүлгөн.

## 4.3. Укуктук камсыздоо

Эсептөө палатасынын ишин укуктук камсыздоо, максаты бүтүндөй мыйзам базасын жакшыртуу, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана башка ченемдик-укуктук актыларын бекем сактоо болуп эсептелген иш чаралардын комплексин көрсөтөт.

2016-жылы аудиттин жыйынтыктары боюнча жөнөтүлгөн Эсептөө палатасынын 127 жазма буйруктардын жана сунуштардын долбоорлоруна, укук коргоо органдарынын аудитордук иш-чараларды өткөрүү жөнүндө 345 суроо-талабына, жарандардын 78 кайрылуусуна укуктук экспертиза жүргүзүлгөн.

Ченем жаратуу иши бөлүгүндө, төмөндөгү мыйзам долбоорлору иштелип чыккан:

– *“Административдик жоопкерчилик жөнүндө Кыргыз Республикасынын Кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” Мыйзам;*
– *“Кыргыз Республикасынын Салык кодексине толуктоолорду киргизүү жөнүндө” Мыйзам;*
– *“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Мыйзам.*

Административдик жоопкерчилик жөнүндө Кыргыз Республикасынын Кодексине административдик жоопкерчиликти күчөтүү боюнча, белгиленген тартипте аудит жүргүзүүдө аудит субъектисинин аймагына же жайына кирүү мүмкүнчүлүгү, сураган документтерди берүү жөнүндө Эсептөө палатасынын кызматтагы адамынын мыйзамдуу талабына тоскоолдук болгон учурда, айып пул санкцияларын колдонуу жөнүндө жоболор сунушталат.

Ушундай эле ченем, Эсептөө палатасынын жазма буйруктарын аудит объектисинин жетекчиси аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда сунушталат.

Мыйзам чыгаруучу, жергиликтүү жана республикалык бюджеттин аткарылышына, мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышында салык кызматынын ишине аудит жүргүзүү боюнча Эсептөө палатасынын негизги ишин белгилөө менен, салыктык купуя сыр категориясына кирген документтерге карата Эсептөө палатасынын жетүү мүмкүнчүлүгү маселесин жөнгө салган эмес.

Жогоруда жазылгандарга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен каралган Эсептөө палатасы тарабынан жергиликтүү жана республикалык бюджеттин аткарылышына, мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышында салык кызматынын ишине аудит жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктарды, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жана анын аймактык бөлүнүштөрүнүн кызматкерлери тарабынан жүзөгө ашыруу максатында, салыктык купуя сырды түзгөн документтердин берилишин караган, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 54-беренесинин 2-бөлүгүнө толуктоо киргизүү сунушталууда.

Көрсөтүлгөн мыйзам долбоорлору “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын бирдиктүү долбооруна бириктирилген.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 130-беренеси менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасына каржылык тартипти бузуу фактылары табылганда Кыргыз Республикасынын Президентине, Жогорку Кеңешке жана

Өкмөткө алардын күнөөсү боюнча бузууларга жол берилген мамлекеттик бийлик органдарынын кызмат адамдарын ээлеген кызмат орундарынан бошотуу жөнүндө сунуштарды киргизүү ыйгарым укугу берилгендигин, белгилей кетүү керек.

Азыркы учурда Эсептөө палатасы тарабынан "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жаңы редакциясынын долбоорун иштеп чыгуу боюнча иштер жүрүп жатат, анда жогоруда көрсөтүлгөн ченемдер да эске алынат.

## 4.4. Методологиялык камсыздоо

Эсептөө палатасынын ишин өткөн жылы методологиялык камсыздоо, баарыдан мурда, Эсептөө палатасынын колдонуудагы стандарттарын жана методологиялык документтерин жакшыртууга, ошондой эле ишти пландоо процессинде методологиялык негиздерди өнүктүрүүгө багытталган.

Чет өлкөлөрдүн жана эл аралык бирикмелердин мамлекеттик аудиттин жогорку органдары менен, аудит методологиясы жаатында Эсептөө палатасынын кызматташуусу активдүү өнүккөн.

Алсак, эл аралык консультанттардын катышуусу менен, аудитти жылдык пландоо методологиясы иштелип чыккан. Бул документ аудитордук ишти жыл сайын пландоого карата тобокелдиктери баалоого негизделген жаңы мамиле үчүн, методологиялык негизди көрсөтөт, ал Эсептөө палатасына өзүнүн ыйгарым укугун толук жана сапаттуу аткарууга түз жана натыйжалуу таасир берүүнү камсыз кылуучу, пландоо процессин натыйжалуу уюштурууга жана өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул Методологиянын негизги учуру болуп, алынган тиешелүү критерийлерди колдонуу менен аныктала турган, аудит түрүнүн жана объектисинин маанилүүлүгүнө жана тобокелдигине карата баалоо жолу менен, жыл сайынкы аудиттер үчүн артыкчылыкты аныктоо эсептелет. Бул Методологиянын базасында 3 жылдык мезгилге аудитордук ишти жылдык жана узак мөөнөттүү пландоо тартибин караган, аудитордук ишти пландоо боюнча Колдонмонун негизинде иштелип чыккан жана кабыл алынган. Бул Колдонмону колдонуу Эсептөө палатасына адам ресурстарын абдан натыйжалуу жана рационалдуу пайдаланууга мүмкүндүк берет, бул болсо, өз кезегинде жүргүзүлгөн аудиттердин сапатын жогорулатууга алып келет.

Мындан сырткары, мурда иштелип чыккан Финансылык аудит жана шайкештик аудити методологиясынын, Натыйжалуулук аудити боюнча колдонмонун негизинде, Мамлекеттик кадр кызматында, Монополияга каршы жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттигинде, Юстиция министрлигинде жана Экономика министрлигинде пилоттук финансылык аудит жана шайкештик аудити жүргүзүлгөн, ал эми натыйжалуулук аудити Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде, "Түндүк электр" ААКсында, "Ысык-Көлдү туруктуу өнүктүрүү" долбоорунда, пилоттук натыйжалуулук аудити "ИСНАК" маалымат тутумунда жүргүзүлгөн. Ошондой эле, Баалоо методикасына ылайык, Мамлекеттик инвестициялар программасынын долбоорлоруна натыйжалуулук аудитин жүргүзүүдө, транспорт, билим берүү, айыл жана суу чарба чөйрөсүндө аудиттер жүргүзүлгөн. Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары, бул документтерге толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн негиз болуп эсептелет.

Мамлекеттик сектордун товарларга, кызматтарга жана кызмат көрсөтүүлөргө болгон керектөөлөрүн канааттандыруунун негизги механизми болуп, мамлекеттик сатып алуулар тутуму эсептелет. Мамлекеттик сатып алууларга багытталган бюджеттик каражаттардын көлөмү, мамлекеттик бюджеттин олуттуу бөлүгүн түзөт. Сатып алынгандар бүтүндөй экономиканын динамикасына жана түзүмүнө түздөн түз таасирин тийгизет, бул болсо, мамлекеттик сатып алуулар тутумунун сапаттуу иштешин жана бул

чөйрөдөгү ченемдик базаны жакшыртууну талап кылат. Буга байланыштуу, мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө мамлекеттик аудитти жүргүзүүнүн жалпы эрежелерин жана жол-жоболорун белгилөө максатында, мамлекеттик аудитти жүргүзүү боюнча Колдонмо иштелип чыккан жана бекитилген. Бул Колдонмого ылайык жүргүзүлгөн аудит, текшерилүүчү мекеменин мамлекеттик сатып алуулар тутумунун ишинин жалпы натыйжалуулугу, жүргүзүлгөн мамлекеттик сатып алуулардын зарылдыгына жана туура келишине жүргүзүлгөн талдоо, мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө укуктук ченемдердин сакталышы, сыяктуу маселелерди камтыйт.

## 4.5. Маалыматтык-технологиялык камсыздоо

2016-жылы Эсептөө палатасы тарабынан маалыматтык-коммуникациялык инфра түзүмдү жакшыртуу боюнча масштабдуу иштер жүргүзүлгөн.

Иштин ыкчамдыгын жана аймактык бөлүнүштөр, ошондой эле чет элдик кесиптештер менен өз ара аракеттенишүүнү жогорулатуу максатында, отчёттук жылы онлайн режиминде биргелешкен иш-чараларды өткөрүүгө мүмкүндүк берүүчү, видео конференция – байланышы тутуму сатылып алынган. Мындан сырткары, Эсептөө палатасынын бардык негизги бизнес-процесстерин факты жүзүндө камтый турган автоматташтырылган тутумдун жайылтылышына байланыштуу, маалыматтарды сактоо тутуму, кошумча сервердик жабдуулар, ноутбуктар сатылып алынган.

Бизнес-процесстерди автоматташтыруу, акыркы жылдары Эсептөө палатасынын ишинин негизги багыттарынын бири болуп эсептелет. Отчёттук жылы 1С маалыматтык тутумдун базасына, жазма буйруктардын жана сунуштардын аткарылышы боюнча маалыматтарды киргизүү, пландоо процесстери автоматташтырылган, финансылык аудиттин электрондук формасы жайылтылган. Бул тутумду пайдаланууга 50 лицензия сатылып алынган.

Пландоо процессин автоматташтыруу, аудит объектисин тандап алууда, адам жана убактылуу ресурстарды бөлүштүрүүдө колдонулуучу аныкталган критерийлерди эсептөөгө жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Аудитти (финансылык аудитти) башкаруунун иштелип чыккан тутумун колдонуу, инспектордук курамдын ишинин ыкчамдыгын бир кыйла жогорулатат, бул болсо, өз кезегинде, аныкталган бузууларга жана кем чыгууларга талдоо жүргүзүүгө көңүл бурууга мүмкүндүк берет.

Тутум өзүнө аудиттин бардык этаптарын: баштапкы баалоо, пландоо, аудитордук далилдерди топтоо жана документтештирүү, талдоо жана финалдык отчёттуулукту камтыйт. Аудиттерди жүргүзүүдө маалыматтардын бир кыйла көлөмүн иштеп чыгууга мүмкүндүк берүүчү, кийинчерээк анын функциясын 1С программасына кошуу үчүн, IDEA (CAATs) программасын пайдалануучунун колдонмосу иштелип чыккан.

Ошентип, иштелип чыккан жана Эсептөө палатасынын ишине жайылтылган бул тутум, ошол учурда жүргүзүлгөн аудитордук иш чаралар жөнүндө маалыматты камтуу менен, реалдуу убакыт режиминде иш процессин көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүн берет.

## 5. 2017-жылы Эсептөө палатасын өнүктүрүү келечеги

Эсептөө палатасынын негизги милдети – Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана коомчулукка республикалык бюджеттин жана мамлекеттик бюджеттен тышкаркы фонддордун бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышы; Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун абалы; бюджеттик каржылоону талап кылган мыйзам долбоорлорунун сапаты; мамлекеттик финансыны жана башка ресурстарды башкаруу жана тескөө боюнча аткаруу бийлик органдарынын ишинин натыйжалуулугу; аныкталган бузуулардын себептери жана кесепеттери, аларды четтетүү мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө объективдүү, көз карандысыз маалымат берүү. Муну менен Эсептөө палатасынын миссиясы жана анын ишинин стратегиясы аныкталат.

Эсептөө палатасынын ишин пландоо, Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн стратегиялык документтерин ишке ашырылышына жардам берүү максатында жүзөгө ашырылат жана Жогорку Кеңештин комитеттеринин жана фракцияларынын, Президенттин, Өкмөттүн, Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлик органдарынын суроо-талаптарын эске алуу менен, Эсептөө палатасы тарабынан өз алдынча жүзөгө ашырылат, бирок текшерилүүчү объекттер тарабынан кандайдыр бир кийлигишүүсүз.

Бул артыкчылыктын алкагында:

- ✓ Мамлекеттик стратегиялардын, концепциялардын жана стратегиялык пландоо маселеси боюнча жана башка документтердин аткарылышын жалпы бардыгын камтыган контролдоо жана талдоо;
- ✓ Мамлекеттик бюджетти түзүү программалык максаттуу принципке өтүшүнө мониторинг жүргүзүү;
- ✓ Кыргыз Республикасынын мамлекеттик программалары тарабынан аныкталган максаттуу көрсөткүчтөргө жетүү үчүн, бөлүнгөн бюджеттик каражаттардын негиздүүлүгүн талдоо;
- ✓ Акыркы (максаттуу) баалоо жана натыйжалуулук аудитин жүргүзүүдө негизги улуттук көрсөткүчтөрдүн маанисине (кезектеги) жеткен тутумун жайылтуу жана жакшыртуу;
- ✓ Ресурстардын максатсыз пайдаланылышынан жана мыйзамдын жана башка бузууларынан, мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын, мамлекеттик жана жалпы улуттук менчиктин сакталышы кепилдиктери камсыздалышы керек.

Эсептөө палатасынын ишинин келечеги болуп, көз карандысыз аудиттин эл аралык-укуктук принциптерине таянуу менен, түзүлгөн укуктук талаанын потенциалын абдан толук ишке ашыруу үчүн бардык керектүү шарттарды түзүү эсептелет.

Бул багыттардын бири болуп, бардык ички документтерди киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык келтирүү жана дүйнөлүк мыкты практикаларга жана пландалган кайра кароолорго ылайык, Эсептөө палатасынын ишин жөнгө салуучу мыйзамды өнүктүрүү боюнча сунуштарды киргизүү эсептелет.

2017-жылга Эсептөө палатасынын коррупцияга каршы иш чараларынын планы менен каралган, коррупцияга каршы иш чаралар алкагында, коррупциялык көрүнүштөрдү иштиктүү аныктоо жана аларды профилактикалоо максатында, мамлекеттик каражаттардын жана ресурстардын мыйзамдуулугун жана натыйжалуу пайдаланылышын контролдоо тутуму жакшырууда, ошондой эле жүргүзүлгөн аудиттердин сапатын жакшыртуу жана заманбап методологияларды иштеп чыгуу, кызматкерлердин кесиптик деңгээлин өркүндөтүүгө багытталган иш чаралар жүзөгө ашырылууда. Эсептөө палатасынын ченемдик жана тескөөчү документтеринин долбоорлоруна коррупцияга каршы экспертиза жүргүзүү жөнүндө Жобону иштеп чыгуу; коррупциялык практикаларды жана жогору коррупциялык тобокелдиктер аймагын аныктоо менен, коррупциялык

тобокелдиктерди башкарууну баалоо жана ага мониторинг жүргүзүү тутумун жайылтуу; Эсептөө палатасынын кызматкерлеринин коррупцияга каршы жүрүш-туруштарынан стандарттарын киргизүү пландалууда.

Аудитордук жана эксперттик-аналитикалык иштин келечектүү түрлөрүн өнүктүрүү, методологиялык жана техникалык камсыздоо бөлүгүнө, заманбап эл аралык стандарттарды жылдыруу улантылууда.

Эсептөө палатасы алгылыктуу ISSAI стандарттарын жана абдан мыкты эл аралык практикаларды, ошондой эле 1С программалык комплексинин базасында маалымат технологиясы менен методологиянын байланышын колдонуу менен, аудиттерди (финансылык, натыйжалуулук жана шайкештик) жүргүзүү методологиясын мындан ары жакшыртуу ишин улантат. 2017-жылы бул максатта, аудитордук программаларды колдонуу жана сапатты контролдоо боюнча нускамаларды программалык камсыздоону иштеп чыгуу пландалууда.

“Кыргызстандын социалдык секторун реформалоо боюнча контракттарды ишке ашырууга техникалык колдоо” долбоорунун алкагында, Европалык Биримдик менен кызматташуу боюнча өз ара аракеттенишүүнү өнүктүрүү улантылат, иш чаралар Эсептөө палатасына аудиттин сапатын контролдоону пландоо жана жакшыртуу боюнча жол-жоболорду жана методикалык сунуштарды өнүктүрүү боюнча жардам берүүгө багытталган. Бул натыйжаларга жетүүгө багытталган иш чараларга төмөндөгүлөр кирет:

- ✓ тобокелдиктерди аныктоого негизделген, аудит методологиясын жайылтуу карата Эсептөө палатасынын кызматкерлерин даярдоо;
- ✓ аудитти жүргүзүүдө маалыматтык электрондук технологияларды жана программалык камсыздоону жайылтууда, Эсептөө палатасынын кызматкерлерине колдонмолук колдоо көрсөтүү;
- ✓ Эсептөө палатасы менен министрликтер жана ведомстволордун ички аудит бөлүнүштөрүнүн ортосунда өнөктөш мамилени өнүктүрүү;
- ✓ Эсептөө палатасынын кызматкерлери үчүн квалификациялар жана матрицалар алкактарын иштеп чыгуу, ошондой эле окутууну жана эл аралык сертификациялоону уюштуруу.

2016-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин жоболорун ишке ашыруу, Эсептөө палатасынан аудитордук иштин жаңы багыттарын өнүктүрүүнү жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Социалдык фондунун, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттеринин долбоорлоруна жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыктарын жана бул бюджеттердин аткарылышы жөнүндө отчётторго жана аларга карата өзгөртүүлөр жөнүндө мыйзам долбоорлоруна корутундуларды берүүнү талап кылат.

Эсептөө палатасынын ишиндеги артыкчылык – контролдоо тутумун жакшыртуу жана бюджет аралык трансферттерге аудит жүргүзүү ыкмаларына, жергиликтүү бюджеттердин абалына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү, аларды бөлүштүрүү методикасын талдоо жана жергиликтүү бюджеттердин баланстуулугун, региондордун өзүнүн жетиштүүлүгүн өнүктүрүүгө жардам берүүчү жана башка бир катар иш чараларга, ошондой эле алардын салык потенциалынын өсүүсүнө талдоо жүргүзүү.

Эсептөө палатасы бюджеттик каражаттардын сакталышы жана ордун толтуруу боюнча аудитордук иш чаралардын логикалык натыйжаларын камсыздоо менен, аныкталган бузууларга өз учурунда көңүл бурууга жардам берүүчү укук коргоо органдары менен кызматташууну өнүктүрө берет.

Эсептөө палатасында Адам ресурстарын өнүктүрүү стратегиясы, Эсептөө палатасынын ишине алардын кошкон кесиптик салымдарын баалоо үчүн негиз болуп эсептелген, кызматкерлердин ишинин натыйжалуулугун баалоонун жаңы формаларын

жана ыкмаларын жайылтуу жана аларды материалдык жактан сыйлоонун жана дем берүүнүн ар кандай варианттарын аныктоо боюнча иштер улантылат. Колдогу эмгек потенциалын натыйжалуу пайдаланууну камсыздоочу жана бирдиктүү маалымат тутумунда бардык иш процесстерин автоматташтыруу максаты коюлууда.